**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**М. Р. РЫСКУЛБЕКОВ атындагы КЫРГЫЗ ЭКОНОМИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУ АКАДЕМИЯСЫ**

Д 08.17.543 Диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда
**УДК 338.43**

**Ташбаев Азизбек Мазанович**

# Азык-түлүк базарын өнүктүрүүнүн көйгөйлөрү: теориялык, методологиялык жана практикалык аспектилери (Кыргыз Республикасынын мисалында)

**08.00.05- экономика жана эл чарбасын башкаруу**
(Экономика жана ишканаларды, тармактарды, комплекстерди уюштуруу жана башкаруу)

Экономика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек - 2017**

Диссертациялык иш М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин “Экономикадагы колдонмо информатика” кафедрасында даярдалды

**Илимий кеңешчиси:** экономика илимдеринин доктору, профессор
**Атышов Көбөгөн**

**Расмий оппоненттер:** экономика илимдеринин доктору, профессор,
КР УИАнын мүчө-корреспонденти,
**Мусакожоев Шайлобек Мусакожоевич**

экономика илимдеринин доктору, профессор,
**Зулпукаров Аманкул Зулпукарович**

экономика илимдеринин доктору, профессор,
**Омурзаков Сатыбалды Ашимович**

**Жетектөөчү мекеме:** И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин “Экономика жана каржы” кафедрасы, дареги: Бишкек ш., Ч.Айтматов проспектиси, 66.

Диссертациялык иш М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университети жана Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы Мамлекеттик башкаруу академиясына караштуу экономика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын изденип алуу боюнча Д 08.17.543 Диссертациялык кеңешинин отурумунда 2017-жылдын 28 - апрелинде саат 14.00 дө корголот.

Диссертациялык иш менен М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин китепканасынан таанышууга болот. Дареги: 720033, Бишкек шаары, Тоголок Молдо көч., 58.

Авторефераат 2017-жылдын 27 - мартында таркатылды.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы, э.и.к., доцент: Байтерекова Г.С.

## ИШКЕ ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨ

**Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.** Улам кеңейип, тереңдеп жаткан интеграциянын шартында дүйнөлүк, мамлекеттик, ошондой эле региондук деңгээлде экономика секторлорунун, анын ичинде агрардык сектордун негизин түзгөн азык-түлүк базарын калыптандыруу жана аны андан ары натыйжалуу өнүктүрүү бүтүндөй адамзаттын алдыга койгон башкы максаттарынын эң маанилүүсү болуп эсептелет. Бул маселени өз убагында, талапка ылайык чечүү калктын жашоо деңгээлин, сапаттык көрсөткүчтөрүн жогорулатуунун, жалпы эле социалдык-экономикалык жактан туруктуу өнүгүүнүн негизги өбөлгөсү экендиги талашсыз. Бул жааттан алганда азык-түлүк базарын калыптандырууну, ийгиликтүү өнүктүрүүнү илимий жактан жеткиликтүү негизде жүргүзүү, келип чыккан көйгөйлөрдү өтө кылдаттык менен чечүү жана жөнгө салуу жалпы эле өлкөнүн деңгээлиндеги эң актуалдуу маселелеринин бири болуп саналат.

Азыркы мезгилде республиканын региондорунда агрардык сектордун потенциалдык мүмкүнчүлүгү жеткиликтүү пайдаланылбай жатат, өндүрүлгөн продукциялардын басымдуу бөлүгү атаандаштыкка жарамдуу эмес, баа барган сайын өсүп, суроо-талаптын деңгээли али төмөн бойдон калууда. Аны тейлөөчү инфраструктуранын калыптануусу, сапаттык деңгээли тиешелүү талаптарга толук жооп бербейт, айыл-чарба өндүрүшүнө каражат жагынан мамлекеттик колдоо жетишсиз. Мунун натыйжасында азык-түлүк базарын жөнгө салуунун натыйжалуулугу абдан төмөн. Андыктан азык-түлүк базарынын, аны тейлеген инфраструктуранын натыйжалуу иштешинин алгылыктуу багыттарын аныктоо, ошондой эле аны жөнгө салуунун экономикалык механизмин жакшыртуу талап кылынууда.

Албетте, мындай көйгөйлөрдүн келип чыгышы азык-түлүк базарынын али толук калыптана электиги менен да тыгыз байланыштуу. Диссертацияда буга чейин изилденген иштердин, жарык көргөн теориялык, илимий жана практикалык эмгектердин негизинде азык-түлүк базарынын, анын инфраструктурасынын натыйжалуу иштешин жогорулатууга шарт түзүүчү жаңы багыттар жана ыкмалар иликтенди, тагыраак айтканда аны жөнгө салуунун экономикалык механизмдерин жакшыртуу маселелери каралды. Мындай илимий негизде чечүүнү талап кылган олуттуу жагдайдын орун алышы диссертациялык иштин актуалдуу экендигин тастыктайт.

**Диссертациянын темасынын негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык иш Кыргыз Республикасын 2013-2017-жылдарда туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясынын, КРнын социалдык-экономикалык өнүгүшүн модернизациялоонун 2015-жылга чейинки концепциясынын, Кыргыз Республикасын инновациялык өнүктүрүүнүн 2020-жылга чейинки стратегиясынын, Кыргыз Республикасынын экономикалык өнүгүүсүн инновациялык модернизациялоонун 2035-жылга чейинки концепциясынын алкагында даярдалды.

Илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүдө изденүүчү Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин конкурстук негизде уюштурулуучу гранттык «Кыргызстандын экономикасын өнүктүрүүнүн жана атаандаштыгын жогорулатуунун региондук маселелери» (2015-2016-жылдар) темадагы илимий ишти даярдоого катышкан.

**Изилдөөнүн максаты.** Диссертациялык иштин максаты өлкөнүн, анын региондорунун азык-түлүк базарын өнүктүрүү, жөнгө салуу жана болочок багыттарын экономикалык жактан негиздөө боюнча теориялык-методологиялык жана практикалык сунуштарды даярдоо болуп эсептелет. Коюлган максатка жетүү үчүн диссертациялык изилдөөдө төмөнкүдөй **маселелер** аныкталган:

- агрардык сектордун азык-түлүк базарынын калыптануусун жана эволюциялык өнүгүүсүн, иштөө өзгөчөлүктөрүн, экономикалык маңызын теориялык-методологиялык жактан тереңдетип, ар тараптуу иликтөө жүргүзүү;
- азык-түлүк базарын өнүктүрүүгө таасирин тийгизүүчү факторлорду аныктоо жана экономикалык жактан өнүккөн мамлекеттерде калыптанган тажрыйбаларды ар тараптуу талдоо, алгылыктуу жактарын өлкөдөгү ишкердиктин бул түрүндө пайдалануу жагын караштыруу;
- азык-түлүк продукциясынын негизги түрлөрүн өндүрүүнүн жана керектөөнүн келечекке божомолун экономикалык жактан аныктоонун усулдук негизин иштеп чыгуу;
- республиканын айыл-чарбасынын, анын ичинде азык-түлүк базарынын экономика алкагындагы ээлеген ордун, учурдагы абалын, өнүгүү тенденцияларын, тармактык жана региондук калыптануу өзгөчөлүгүн комплекстүү талдоо;
- республиканын тамак-аш жана кайра иштетүү өнөр-жайынын өнүгүү деңгээлин жана региондук өзгөчөлүктөрүн иликтөө;
- азык-түлүк базарынын инфраструктурасынын башкы элементтеринин теориялык-методологиялык нукта калыптануу өзгөчөлүктөрүн иликтөө жана жыйынтык чыгаруу;
- республиканын азык-түлүк базарынын инфраструктурасынын учурдагы абалын иликтөө жана аны мындан ары өнүктүрүүнүн башкы багыттарын аныктоо;
- Кыргызстанда, анын региондорунда азык-түлүктүн негизги түрлөрүн өндүрүүнүн жана керектөөнүн, экспортко чыгарылуучу жана тыштан алынып келинүүчү продукциялардын көлөмүнүн узак мөөнөттүү божомолун даярдоо;
- азык-түлүк базарынын, анын инфраструктурасынын шайкештикте иштешин жакшыртуу жана андан ары өнүктүрүүнү жөнгө салуунун уюштуруу-экономикалык механизмдерин өркүндөтүү боюнча иш-чараларды сунуш кылуу.

**Изилдөөнүн негизги илимий жыйынтыктары:**

- азык-түлүк базарынын экономикалык маанисинин түпкү өзөгүнүн теориялык-методологиялык негиздери тереңдетилип, кеңейтилип иликтенди, изилдөөнүн жыйынтыгында азык-түлүк базарынын аныктамасы боюнча автордун көз карашы берилди;

- азык-түлүк базарын натыйжалуу иштетүүгө, андан ары өнүктүрүүгө таасирин тийгизген факторлордун тутуму аныкталып, экономикасы мыкты өнүккөн өлкөлөрдүн базар боюнча калыптанган тажрыйбаларына комплекстүү иликтөө жүргүзүлүп, алгылыктуу жактарын республикада колдонуу жагы көрсөтүлдү;

- азык-түлүк продукциясынын негизги түрлөрүн өндүрүүнүн жана керектөөнүн көлөмүн, экспорт менен импорттун башкы көрсөткүчтөрүнүн келечектеги божомолун экономикалык нуктан аныктап баалоонун усулдук уңгусу даярдалды;

- республиканын айыл-чарбасынын, анын ичинде азык-түлүк базарынын калыптануу өзгөчөлүктөрү, өнүгүү тенденциялары, тармактык жана региондук байланыштын учурдагы абалы талданып, импорттолуучу продукциялардын жергиликтүү товарлар менен атаандаштыгынын күчөп жаткандыгын айкындоочу иликтөө жүргүзүлдү;

- республиканын тамак-аш жана кайра иштетүү өнөр-жайынын тармактык жана региондук жайгашуу, адистешүү өзгөчөлүктөрү, өнүгүү деңгээли изилденип, ишканаларды айыл-чарба сырьелору менен камсыз кылуунун айрым жолдору сунушталды;

- азык-түлүк базар инфраструктурасынын башкы элементтеринин калыптануусунун, өнүктүрүүнүн тармактык жана региондук жайгашуу өзгөчөлүктөрүнүн теориялык-методологиялык негиздери талданып, ал өз алдынча тармак катары түптөлгөндүгү аныкталды;

- азык-түлүк базар инфраструктурасынын элементтеринин калыптанышы жана андан ары өнүгүшү, республиканын региондору боюнча алардын жайгашуу өзгөчөлүктөрү, негизги элементтеринин экономикалык көрсөткүчтөрүнүн айырмачылыктары ажыратылып көрсөтүлдү;

- жалпы өлкө жана анын ар бир региону боюнча азык-түлүк товарларынын негизги түрлөрүн өндүрүүнүн жана керектөөнүн жалпы, киши башына эсептегендеги көлөмү, ошондой эле продукцияны экспорттоо жана импорттоо көрсөткүчтөрүнүн узак мөөнөттүү божомолу жасалды;

- республикада азык-түлүк базарынын, анын инфраструктурасынын элементтеринин эриш-аркак бир нукта иштешин жана андан ары өнүктүрүүнү жөнгө салуунун уюштуруу-экономикалык механизми сунуш кылынды.

**Изилдөөнүн экономикалык маанилүүлүгү.** Диссертацияда иликтенген маселенин учурдагы актуалдуулугу алынган жыйынтыктарды азык-түлүк базарынын башкы өнүгүү багыттарын экономикалык, уюштуруу жагынан негиздөөдө, узак мөөнөттүү стратегиялык божомолун даярдоодо кеңири колдонуу мүмкүнчүлүгү менен бышыкталат. Иштеги жыйынтыкталган, терендетип талданган теориялык жана практикалык сунуштар республиканын азык-түлүк базарынын негизги багыттарын кеңири талдоого, агрардык сектордогу олуттуу көйгөйлөрдү натыйжалуу чечүүгө, узак мөөнөттүк стратегиялык көрсөткүчтөрдү аныктоого жана жөнгө салууга жетиштүү деңгээлде шарт түзөт.

**Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү.** Изилдөөнүн натыйжалары мамлекеттик органдар агрардык сектордун азык-түлүк базарын өнүктүрүүнүн башкы багыттарын экономикалык жактан аныктоодо, стратегиялык маанидеги иштиктүү долбоорлорду даярдоодо, ошондой эле базарды продукция түрлөрү менен камсыз кылуу багытындагы изилдөө иштеринде; жогорку окуу жайларында «Агрардык экономика», «Кыргызстандын экономикасы», «Менеджмент», "Тамак-аш өнөр жайынын экономикасы", «Ишкердиктин негиздери» ж.б. сабактарды окутууда, магистрлердин, аспиранттардын, докторанттардын диссертациялык иштеринде жана окуу-усулдук комплекстерди даярдоодо колдонушу мүмкүн. **Диссертациянын коргоого алынып чыгуучу негизги жоболору:**

1. Азык-түлүк базарынын экономикалык маңызы, түпкү мааниси, калыптануусу, эволюциялык өнүгүүсү ар тараптуу талданып, уңгусу ачып көрсөтүлүп, базарга тиешелүү, түрдүү багыттагы жүргүзүлгөн баалоо боюнча усулдук ыкмалар жыйынтыкталып, аларды натыйжалуу колдонуунун жолдору аныкталды. Калыптанган экономикалык теориянын багыттарын жана практикалык жактан бышыктоосун изилдөөнүн негизинде азык-түлүк базары уюштурууну, өнүктүрүүнү, жиктөөнү, сарамжалдуу жайгаштырууну, тиешелүү инфраструктураны калыптандырууну, алмашуу процесстерин мамлекеттик жөнгө салууну талап кылган курамдык бөлүк экендиги аныкталды.

2. Агрардык сектордун курамындагы азык-түлүк базарында суроо-талап менен сунушту калыптандыруучу товар түрлөрүнүн үч баскычтан турган классификациясы даярдалды. Анын биринчи баскычында бардык азык-түлүктөр өсүмдүктөн, малдан жана аралаш продукциядан даярдалуучу түрлөргө, кийинкисинде дандан, жашылча-жемиштен, сүттөн, эттен ж.б. даярдалуучу түрлөргө, акыркы баскычында жогоруда белгиленген азыктардын курамына кирүүчү түрлөргө ажыратылып, жыйынтыкталды. Мындай типтештирүү азык-түлүк базарын өнүктүрүү процессин усулдук жактан тереңдетип изилдөөгө мүмкүнчүлүк ачты.

3. Калкты азык-түлүк продукциясынын керектүү түрлөрү менен камсыз кылууга таасирин тийгизүүчү факторлордун ичинен башкы орун өндүрүш факторуна тиешелүү экендиги ырасталды. Продукцияны өндүрбөй туруп, аны бөлүштүрүү, алмаштыруу жана керектөө мүмкүн эмес. Ошондуктан азык-түлүк базарына тиешелүү өндүрүш факторлору экономикалык маанисине, тийгизген таасирине карата өз ара жаратылыштык-климаттык, биотехнологиялык, уюштуруу-экономикалык, маалыматтык-технологиялык, агроэкологиялык элементтерге ажыратылды. Эң башкысы, өлкөнүн, анын региондорунун азык-түлүк базарын келечекке стратегиялык өнүктүрүүнүн божомолун даярдоонун усулдук жактан үч варианты (жайбаракат, ылдамдоо жана кыйла ыкчамдоо) иштелип чыкты.

4. Учурдагы азык-түлүк базарынын иштешине таасирин тийгизген негизги факторлорду аныктоонун негизинде базарды өнүктүрүүнүн узак мөөнөттүү божомолун иштеп чыгуунун жети баскычтан турган усулдук негизи сунушталды. Анын ар бир баскычында базардын, өндүрүш процессинин,

сунуштун, суроо-талаптын уңгусун, товар корун, экспорттун, импорттун көлөмүн аныктоону комплекстүү баалоо жүргүзүүгө карата баштапкы материалдарды чогултуудан тартып, базардын узак мөөнөттүү өнүгүү келечегинин божомолун эксперттен өткөрүү, практикалык жактан ишке ашыруу үчүн тиешелүү мамлекеттик, региондук деңгээлдеги башкаруу органдарына тапшырууга чейинки жумуштар көрсөтүлдү.

5. Республиканын агрардык секторунун акыркы мезгилдеги калыптануу өзгөчөлүктөрү, өнүгүү тенденциялары, тармакчалары боюнча комплекстүү иликтөө жүргүзүлдү. Анализ акыркы 5 жыл аралыгында азык-түлүк базарында эгин, төө буурчак, жер-жемиш, жашылча, картошка, сүт, жумуртка өндүрүүнүн көлөмү акырындык менен өсүп жатса, пахта, тамеки, жүн, эт, кант кызылчасы ж.б. даярдоонун көлөмү төмөндөп, же бир калыпта сакталып калгандыгын, республика боюнча малдын бардык түрүнүн башы (чочкодон башкасы) бир калыпта көбөйүп жаткандыгын көрсөттү. Ал эми азык-түлүк товарларын өндүрүү жана малдын башын көбөйтүү боюнча өлкөнүн региондору бири-биринен олуттуу айырмалангандыгы аныкталды.

6. Кыргызстанда тамак-аш жана кайра иштетүү өнөр-жайы айыл-чарба тармагына салыштырмалуу азырынча начар өнүккөн. Өнөр-жайдын бул тармагынын ишканалары негизинен айыл-чарбада даярдалган сырьену кайра иштетүүгө адистешкен. Чыгарылган продукциялар ички азык-түлүк базарында керектөөчүлөрдүн белгилүү бөлүгүн камсыз кылып, кээ бир түрлөрү экспортко жөнөтүлөт. Кайра иштетүүгө адистешкен ишканалар республиканын аймактары боюнча бир кылка эмес жайгашкан. Алардын басымдуу бөлүгү Бишкек шаарында, Ош, Ысык-Көл, Чүй экономикалык райондорунда жайгашкандыгы белгиленди.

7. Иликтөөнүн жыйынтыгында инфраструктура элементтери азык-түлүк базарын өнүктүрүү менен байланышкан төмөнкү багыттарды камтый тургандыгы аныкталды: ташылып келинүүчү продукцияларга карата суроо-талап менен сунуштун тең салмактуулугун камсыздоо, азык-түлүк өндүрүүчүлөрдүн товарларын каалагандай, натыйжалуу сатууга ыңгайлуу мүмкүнчүлүктөрдү калыптандыруу; товар жүгүртүүгө жумшалуучу каражаттарды азайтууга, продукцияны тиешелүү сапаттык деңгээлде сактоого шарт түзүү; базардын иштешин тиешелүү маалыматтык технологиялар, укуктук-ченемдик материалдар, ошондой эле сатык ишин тейлеген агенттерди каржылоо жана жабдуу жагын жөнгө салуу ж.б.у.с. Бул багыттагы иш-чараларды инфраструктуранын курамына кирүүчү соода, коомдук тамактануу, ташуу, таңгактоо, муздаткыч жана сактоо жайлары, соода жаатындагы ортомчулар ж.б. ишке ашырат. Андыктан базар инфраструктурасын жеткиликтүү өнүктүрбөй туруп продукция өндүрүүчү менен аны керектөөчүнүн ортосунда ойдогудай байланышты уюштуруу, натыйжалуу тейлөө мүмкүн эмес экендиги тастыкталды.

8. Иликтөөнүн жүрүшүндө Кыргызстандын, анын региондорунун азык-түлүк базарын тейлеген инфраструктурасы тигил же бул деңгээлде калыптанып жаткандыгына карабастан, али тиешелүү деңгээлде өнүгө электиги аныкталды.

Мындан улам жакынкы мезгилде жана келечекте базар инфраструктурасын жакшыртууга тиешелүү төмөнкүдөй бир катар көйгөйлөрдү чечүү талап кылынат: азык-түлүк сырьесун өндүрүүчүлөрдүн, аны иштетүүчү ишканалардын, дүңүнөн жана чекене соода жүргүзүүчү фирмалардын ортосунда түз байланышты калыптандыруу аркылуу "өндүрүүчү-керектөөчү" тизмекчесин кыскартуу; азык-түлүк продукциясын өткөрүүчү базарларды инновациялык технологиялар менен жетиштүү деңгээлде камсыздоо; региондордо логистикалык борборлорду уюштуруу аркылуу ташууга жана сактоого жумшалуучу каражаттарды мүмкүн болушунча үнөмдөөгө жетишүү; продукция арбын өндүрүлүүчү региондордо муздаткыч менен жабдылган ири кампаларды курууну тездетүү; азык-түлүк түрлөрүн ташууга керектүү таңгактоочу материалдарды жана кутучаларды чыгаруу өндүрүшүн жолго салуу.

9. Кыргызстандын агрардык секторунун азык-түлүк базарында калктын керектөөсүн узак мөөнөткө камсыз кылуучу продукцияны өндүрүүнүн аралыктык божомолу экстраполяция жана статистикалык ыкмалардын негизинде үч вариант менен иштелип чыкты. Ар варианттын өз алдынча айырмачылыктары бар. Эсептөөгө ылайык, калкка эң керектүү азык-түлүк продукцияларынын бардык түрлөрүн өндүрүү 2025-жылга чейин үзгүлтүксүз жогорулайт. Ошол эле учурда алар өндүрүү көлөмдөрү боюнча бири-биринен бир топ айырмаланат. Мында эгиндин, кант кызылчасынын, жашылчанын, бакча өсүмдүктөрүнүн, мөмө-жемиштин көлөмү 2-3 эсе жогоруласа, картошканын, эттин, сүттүн жана жумуртканын өсүү темпинин көрсөткүчтөрү 1,5 эседен ашпай тургандыгы аныкталды. Иликтөө көрсөткөндөй, азык-түлүк продукцияларынын иштелип чыккан божомолдогу көрсөткүчтөрүн кыйла жогорулатууга потенциалдык мүмкүнчүлүктөр бар. Иште тоноздун башын көбөйтүү аркылуу эттин көлөмүн бир топ жогорулатууга мүмкүн экендиги экономикалык жактан негизделди.

10. Азык-түлүк базарын талапка ылайык натыйжалуу иштетүүнү жөнгө салууну мындан ары жакшыртуу максатында үч топко бириктирилген иш-чаралардын тизмеги сунушталды. Мындай топтордун уңгусу негизинен айыл-чарба продукцияларын өндүрүүчүлөрдүн кирешесин арбытууну, ыңгайлуу шарттарда насыя берүү жаатында колдоо көрсөтүүнү, азык-түлүк базарында калыптанган суроо-талапты жөнгө салуу боюнча тийиштүү программаны даярдоо, ишке кийирүү аркылуу базар тутумун жөнгө салып турууну, товарды дүңүнөн сатууну кеңейтүүнү, жол, байланыш, суу, жердин кунардуулугун жакшыртуу ж.б. инфраструктура элементтерин илимий, өндүрүштүк, социалдык жана инновациялык жактан жеткиликтүү өнүктүрүүнү жөнгө салууну камтыйт.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы.** Автор тарабынан агрардык сектордун алкагындагы азык-түлүк базарынын теориялык-методологиялык өнүгүү өзөгүн бир нукка салып, аны тереңдетип талдап, жалпылап, республиканын азык-түлүк базарынын өнүгүшүн, инфраструктурасынын абалын изилдеп, базарды азык-

түлүктүн негизги түрлөрү менен камсыз кылуу багытында өлкөнү, анын региондорун узак мөөнөтүү өнүктүрүүнүн стратегиясы иштелип чыкты.

**Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктарынын жарыяланышы жана апробациялоо.** Диссертациялык ишти даярдоонун жүрүшүндө түрдүү илимий журналдарга жалпы көлөмү 25,2 басма табакты түзгөн 40тан ашык илимий макалалар чыгарылды. Изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча бир катар эл аралык, республикалык жана жогорку окуу жайлар аралык илимий-практикалык конференцияларда, экономикалык форумдарда, семинарларда баяндама жасалды. Алар: "Дүйнөлүк илимдин туруктуу өнүгүү стратегиясы", Москва, Евразиялык Илимий Бирикме, 2013-ж.; "Илим, билимдин өнүгүшүнүн жана ЖОЖдордун интеграцияланышынын актуалдуу проблемалары", Ош КӨУ, 2014-ж.; "Кыргыз Республикасынын улуттук экономикасы: проблемалар жана өнүгүү стратегиясы", КЭУ, 2015-ж.; "Дүйнөлүк илимдеги актуалдуу изилдөөлөр", Дубай, 2015-ж; "Ааламдашуу шарттарында региондордун туруктуу өнүгүү стратегиясы", КЭУ, 2015-ж; "Туруктуу өнүгүү жана минералдык-сырелук ресурстарды комплекстүү өздөштүрүүнүн көйгөйлөрүн чечүүдөгү инновациялык технологиялар", ОшТУ 2015-ж; "Түрк дүйнөсүндөгү илимий изилдөөлөр", ЭжИУ, 2016-ж.; "Улуу Жибек жолунун экономикалык алкагын биргелешип куруу жана анын тиешелүү өлкөлөрдүн экономикасына тийгизген таасири", ОшМУ, 2016-ж; "Түркүн дүйнө экономикасын өнүктүрүүнүн жана атаандаштыгын жогорулатуунун көйгөйлөрү", КЭУ, Сары-Ой, 2016-ж ж.б.

Жарыяланган материалдар диссертациялык изилдөөнүн мазмунун толугу менен чагылдырат.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү**. Диссертациялык иштин түзүлүшү анын максаты менен алынган жыйынтыктарына карата аныкталып, киришүүдөн, беш бөлүмдөн, корутундудан, пайдаланылган адабияттардын 209 аталыштагы тизмесинен, 35 таблица, 7 сүрөт, 2 тиркемеден турат жана изилдөөнүн темасын толук ачып берет. Иштин жалпы көлөмү 320 бет.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** изилденген теманын актуалдуулугу негизделип, изилдөөнүн максаты жана маселелери, алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгы, алардын теориялык жана практикалык маанилүүлүгү ачып көрсөтүлүп, коргоого алынып чыгуучу негизги жоболор каралган.

**Биринчи «Азык-түлүк базарын калыптандыруунун жана өнүктүрүүнүн илимий-теориялык негиздери» бөлүмүндө** азык-түлүк базарын өнүктүрүүнүн экономикалык мааниси, аны калыптандыруунун жана иштетүүнүн өзгөчөлүктөрү, натыйжалуу өнүктүрүү боюнча эл аралык тажрыйба изилденди.

Калкты азык-түлүктүн сапаттуу, экологиялык жактан таза түрлөрү менен жетиштүү өлчөмдө камсыздоо азыр дүйнөнүн бардык өлкөлөрүндө эң башкы маселелердин бири болуп эсептелет. Бул, өз кезегинде, продукцияны талапка

ылайык өндүрүү, улуттук жана дүйнөлүк азык-түлүк базарынын конъюнктурасын калыптандыруу, атаандаштык жөндөмдүүлүгүн арттыруу, мамлекеттин төлөө мүмкүнчүлүгүн, киреше деңгээлин жогорулатуу, калктын тамактануусунун түзүмүн, өлкөнүн социалдык саясатынын башкы багыттарын туура аныктоо менен тыгыз байланыштуу.

Азык-түлүк менен толук камсыз кылуу, анын экологиялык жактан тазалыгына жетишүү ар бир өлкөнүн, эзелтен бери эле бүтүндөй адамзаттын олуттуу көйгөйү болуп келген. Азык-түлүк коопсуздугу маселеси дүйнөлүк деңгээлдеги практика жаатында, илимдин көп тармактарында, анын ичинде экономика илимдеринде 20-кылымдын 70-жылдарынан тартып кеңири изилдене баштаган. Анткени ошол кездеги өндүрүштүн көлөмүнүн, айрыкча, дүйнөлүк масштабда эгинди арбын өстүргөн мамлекеттердеги дүң жыйым көлөмүнүн бир топ төмөндөп кетиши, калктын тез өсүшү олуттуу көйгөйгө айланган. Дүйнөлүк эгин базарындагы тартыштыктын натыйжасында азык-түлүктүн башка түрлөрүн арбын керектөө баанын көтөрүлүшүнө түрткү болгон.

Калкты азык-түлүк менен камсыз кылуу, тагыраак айтканда, анын базар алкагын талапка ылайык келгидей өлчөмдө өнүктүрүү жаатында акыркы мезгилде бири-биринен олуттуу айырмаланган концептуалдык эки багыт иштелип чыккан. Мунун *биринчи багытында* өлкөлөрдүн калкын азык-түлүктүн негизги түрлөрү менен тиешелүү өлчөмдө камсыз кылууну дүйнөдөгү экспорттун негизин камтыган мамлекеттер аркылуу ишке ашырып, азык-түлүктү ташууну тиешелүү тарифтик жана тарифтик эмес бөгөттөрдөн арылтуу, жергиликтүү айыл-чарба товарларын өндүрүүчүлөргө мамлекеттик көмөк көрсөтүүнү кыскартуунун негизинде чечүү сунушталган.

Мындай жолду жүзөгө ашырууну негизинен азык-түлүктүн бир катар түрлөрүн экспортко чыгарып жаткан Канада, АКШ, Австралия сыяктуу ири мамлекеттер колдоп келүүдө. Чынында эле бул өлкөлөрдүн аянтынын кенендиги, жаратылыш-климаттык шарттарынын айыл-чарбасын өнүктүрүүгө ылайыктуулугу жана фермердик чарбалардын азык-түлүк товарларын өндүрүү жагынан иш тажрыйбасынын жетиштүүлүгү менен өзгөчөлөнөт. Мисалы, АКШ калкын азык-түлүк менен толук камсыз кылат. 2015-жылы өлкө дүйнө боюнча өндүрүлгөн буудайдын 8% (64 млн. т.), эттин 20% (42 млн. т.), сүттүн 17% (97 млн. т.) даярдаган. Мындан тышкары бул мамлекетке дүйнөлүк экспорттогу буудайдын 13,4%, эттин 16% туура келет. Албетте, азык-түлүк даярдоонун көлөмү жагынан АКШга караганда *Кытай кийинки мезгилде алдыга озуп, жыйынтыгында дүйнөлүк деңгээлде биринчи багыттын* негизин түзүүдө.

Азык-түлүк менен камсыз кылуу боюнча *кийинки багытты* колдоо Батыш Европанын өлкөлөрүнө таандык. Алардын агрардык чөйрөдөгү экономикалык саясатына ылайык товар өндүрүүчүлөрдү түз субсидиялоо кеңири колдонулат. Мында негизги продукция түрлөрү менен камсыз кылуу максатында ички азык-түлүк базарын түрдүү импорттоодон чектөө жана бажы салымы аркылуу коргоо каралган. Мисалы, Европалык Бирикмеге кирген

өлкөлөрдө өндүрүүчүлөргө бериле турган субсидиянын өлчөмү АКШга жана Канадага караганда 1,5 эсе жогору.

Азык-түлүк базары боюнча акыркы мезгилде чыккан экономикалык эмгектерде, илимий макалаларда, окуу китептеринде азык-түлүк базарына бир катар аныктамалар берилген. Бул жаатта иликтөөчү А.А. Баранов азык-түлүк базары - айыл-чарба продукциясын өндүрүүчү, аны кайра иштетүүчү жана бөлүштүрүүчү, алмаштыруучу, керектөөчү чиеленишкен татаал система деп белгилейт. Башка авторлордун пикирине ылайык, азык-түлүк базары - бул чарбалык, коммерциялык жана жумуш ордун сунуштоочу, жаңы шартта иштөөгө мүмкүнчүлүк түзүүчү кеңири чөйрө. С.Н. Новоселовдун көз карашы боюнча азык-түлүк базары - курамына азык-түлүк товарларын сатуу жана коомдук тамактануу, тышкы экономикалык байланыш иши, эл аралык сооданын, өндүрүштүк, өндүрүштүк эмес багыттардын тиешелүү элементтери кирген татаал уюштуруучулук-экономикалык тутум катары каралып, ал калкка суроо-талаптын, төлөм жөндөмдүүлүгүнүн негизинде тиешелүү керектелүүчү товарларды, айыл-чарба продукцияларын өндүрүүнү, иштетүүнү, бөлүштүрүүнү, алмашууну жана тамак-аш продукцияларын пайдаланууну толук эске алуу менен калыптанат.

Биздин пикирибиз боюнча, азык-түлүк базары - бул белгилүү аймактын (өлкөнүн, анын региондорунун) чегинде азык-түлүк сырьелорун жана тамак-аш продукцияларын өндүрүү, алмаштыруу, бөлүштүрүү, керектөө боюнча экономикалык, тагыраак айтканда суроо-талап менен сунуштун негизинде калыптануучу, аракетке келтирилүүчү мамилелердин тутуму.

Ошол эле учурда региондук азык-түлүк базары тууралуу аныктама дээрлик жок экендигин, азырынча толук калыптана электигин белгилөөгө болот. Биздин иликтөө көрсөткөндөй, *региондук азык-түлүк базары* - бул экономиканын агрардык секторундагы сырьену, иштетилген продукцияны өндүрүүчүлөрдү, дүңүнөн иштеген соодагерлерди, конкреттүү аймактагы товарларды керектөөчүлөрдү жана калыптанган инфраструктура түзүмүн бириктирип, товар өткөрүү процессин ишке ашыруучу уюштуруучулук-экономикалык система. Мындай бир нукка салынуучу, өз ара чиеленишкен, байланышы калыптанган тутум соода жайларын, кампаларды, административдик имараттарды, ошондой эле банк кызматын, продукция сапатын көзөмөлдөөчү, маркетингдик изилдөө жүргүзүүчү мекемелерди ж.б. да камтыйт.

Азык-түлүк базарын калыптандырууну ишке ашырууда аны аймактык белгилери боюнча иликтөөнүн мааниси жогору. Мындай жагдай экономиканын жаратылыш-климаттык шарттардан, региондун өзгөчөлүктөрүнөн көз каранды болгон агрардык секторуна көбүрөөк тиешелүү. Базарды өнүгүшүнө жараша камтыган аймагы, азык-түлүк менен камсыздалышы, азык-түлүктүн белгилери ж.б. *белгилери* боюнча ажыратууга боло тургандыгы аныкталды (1-таблица).

1-таблица - Азык-түлүк базарынын классификациясы

| | Негизги белгилери | Базарлардын классификацияланышы |
|---|---|---|
| 1. | Камтыган аймагы | Дүйнөлүк базар<br>Эл аралык бирикмелердин (ЕБ, ЕАЭБ ж.б.) базар<br>Улуттук (мамлекеттик) базар<br>Региондук базар<br>Жергиликтүү базар |
| 2. | Азык-түлүк менен камсыздалышы | Сырьену жана азык-түлүктү экспорттоочу мамлекеттер тобунун базары<br>Сырьену жана азык-түлүктү импорттоочу мамлекеттер тобунун базары |
| 3. | Товарларды сатуунун формалары жана баскычтары | Дүң базар<br>Чекене базар |
| 4. | Киши башына кирешенин деңгээли жана түзүмү | Базар кирешеси төмөн өлкөлөр<br>Базар кирешеси орточо өлкөлөр<br>Базар кирешеси жогору өлкөлөр |
| 5. | Товарды сактоонун жана сатуунун мөөнөтү | Узак мөөнөткө сакталуучу товар базары<br>Көпкө сакталбай турган товар базары |
| 6. | Азык-түлүктүк белгилери | Эгин, картошка, жашылча-жемиш, кант, эт, сүт, өсүмдүк майы, балык ж.б. базарлары |
| 7. | Продукциянын салыштырмалуу өзгөчөлүктөрү | Чийки азык-түлүк продукцияларынын базары<br>Салыштырмалуу мыкты кайра иштетилген продукциялардын базары<br>Салыштырмалуу орточо кайра иштетилген продукциялардын базары<br>Азык-түлүк сервис базары (буфет, ашкана, ресторандар ж.б.) |

*Булагы: автор түзгөн*

Азык-түлүк базарынын башкы көрсөткүчтөрүнүн негизинде аны классификациялоо, анда сатылуучу продукция түрлөрүн жиктөөнүн, бир нукка салуунун илимий-практикалык жактан олуттуу мааниси бар. Биздин иликтөө көрсөткөндөй, бардык өндүрүлүүчү азык-түлүк түрлөрү жалпы жонунан *өсүмдүктөн даярдалуучу продукцияларга, малдан даярдалуучу продукцияларга* жана *аралашманын негизинде даярдалуучу продукцияларга бөлүнөт.* Булар өз кезегинде дандан, жашылча- жемиштен, сүттөн, эттен, балыктан, жумурткадан, аралашма азыктардан ж.б. жасалуучу түрлөрүнө бөлүнөт. Ал эми дандан даярдалуучу түрлөрү өзүнүн курамына нан, нан азыктарын, макарон, макарон азыктарын жана акшак, акшак азыктарын камтыйт да, жыйынтыгында алар жалпы базарда суроо-талап менен сунуштун калыптануусун камсыз кылат (2-таблица).

Азык-түлүк базарын калыптандырууну жана андан ары өнүктүрүүнү ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн, анын жалпы түзүмүн үч баскычка ажыратып талдоо максатка ылайык. Азык-түлүк базарынын *биринчи баскычы керектөөчүлөр менен сунуштоочулардын* өз ара аракетинин, экономикалык нуктагы карым-катнашынын жыйынтыгынан келип чыгат.

2-таблица - Азык-түлүк продукция түрлөрүнүн классификациясы

| | | |
|---|---|---|
| Өсүмдүктөн даярдалуучу продукциялар | Дандан жасалуучу түрлөрү | Нан, нан азыктары |
| | | Макарон, макарон азыктары |
| | | Акшак, акшак азыктары |
| | Жашылча-жемиштен жасалуучу | Мөмө-жемиш, жашылча, козу карын, аларды иштеткенден кийинки продукциялар |
| | | Туздалган, кургатылган, тоңдурулган, консерваланган мөмө-жемиш, жашылча, козу карын |
| | | Кракмалдын түрлөрү, аны иштетүүдөн чыккан сого-патока-глюкоза |
| | | Кант, кумшекер, кантты жана кумшекерди алмаштыруучулар (ксилит, сорбит ж.б.) |
| | | Кондитердик азыктар: кант кошулмасы бар жер-жемиш продукцияларынын түрлөрү (карамель, момпосуйлар, какаонун күкүмү, шоколаддар, дрож, ирис, халва, чыгыштын ар кыл татымалдары); ундан жасалган азыктын түрлөрү (токоч, печенье, вафли, кекс) |
| Малдан даярдалуучу продукциялар | Сүттөн жасалуучу түрлөрү | Сүт азыктары: сүт, каймак, май, сыр, кымыз, балмуздак, айран, быштак, курут, сүзмө, эжигей, сүттөн жасалган балдардын жана диеталык азыктары |
| | Эттен жасалуучу түрлөрү | Эт азыктары: малдын эти, канаттуунун эти, кийиктин эти; кулинардык даамдар, консерва, ышталган эт, күлазык (эттен), колбаса |
| | Балыктан жасалуучу түрлөрү | Балык азыктары: тирүү балыктар, муздатылган же тоңдурулган балыктар, кургатылган балыктар, ышталган балыктар, балыктан жасалган жарым-жартылай фабрикаттар, кулинардык жасалмалар, балыктын уругу; балыктан башка деңиз жандыктары |
| | Жумурткадан жасалуучу түрлөрү | Жумуртка азыктары; куш түркүмдөрүнүн жумурткалары; тоңдурулган жумуртка азыктары; жумуртканын күкүмдөрү (порошогу) |
| Аралашмадан даярдалуучу продукциялар | Аралашмадан жасалуучу майлар | Майдын түрлөрү: өсүмдүк майлары, малдын майы, маргарин, майонез |
| | Ичимдиктин, суусундуктар-дын түрлөрү | Алкоголдук ичимдиктер; алкоголдук эмес ичимдиктер; чай, кофе |

*Булагы: автор түзгөн*

Өз ара үзгүлтүксүз карым-катнаштын жүрүшүнүн негизинде узакка созулган мамиле калыптанат да, тең салмактуулукту сактап жана андан ары карай уланышына шарт түзүлөт. Андыктан, сунуш менен керектөөнүн уңгусунан пайда болгон мамиле азык-түлүк базарын калыптандырып, андан ары карай иштешине негиз түзөт.

Азык-түлүк базарынын калыптануусунун *экинчи баскычы* негизинен агрардык сектордогу *товар өндүрүүчүлөр, кайра иштетүү өнөр-жайынын* компаниялары, сырье, даяр продукция боюнча экспорт менен импорттун

катышы сыяктуу алака түзүлүүчү объектилердин байланышын камтыйт. Ошол эле учурда эмгек акынын, аманаттык каражаттардын, мамлекеттик субсидиянын, дотациянын негизинде түзүлгөн өндүрүүчүлөр менен керектөөчүлөрдүн ортосундагы мамилелердин калыптанышын аныктоого мүмкүнчүлүк түзүлөт. Базардын өнүгүшүнүн эң негизги элементтердин бири болгон сатып алуу жана сатуу ишин башынан аягына чейин аткаруучу тигил же бул деңгээлдеги эмгек капиталы дагы ушул баскычында толук өлчөмдө жыйынтыкталат.

Базардын калыптануусунун *акыркы баскычы* болсо экономиканын кайра иштетүү өнөр-жай секторунун компаниялары менен азык-түлүк эмес сырьену иштетүүчү ишканалардын, айыл-чарбасындагы товар өндүрүүчү фермерлер, жеке ишкерлер менен азык-түлүк эмес товарларын даярдоочулардын ортолорунда ишке ашырылат. Ушундай эле байланыш керектөөчүлөр менен аларды тейлөөчү тараптардын ортосунда дагы түзүлөт.

Кыргызстандын региондук өзгөчөлүктөрүн, калыптанган дүйнөлүк тажрыйбаны, интеграциялык процесстин негизги багыттарын толук эске алуу менен өлкөдө азык-түлүк базарынын ылайыктуу үлгүсүн калыптандырууну учур талап кылууда. Аны даярдоодо азык-түлүктү кайра иштетүү тармактарынын адистешүү абалын, монополдук базарлардын санын, алардын иштөөсүн, калктын жашоо деңгээлин, айрым ресурстардын жетиштүүлүгүн же тартыштыгын, экономиканы өнүктүрүүнүн башкы багыттарын жеткиликтүү өлчөмдө изилдөө талап кылынат. Азык-түлүк базарын жөнгө салуунун жакшыртылган механизми чарбалык субъектилердин бардык жасаган иши *"баага байланыштуу алып сатарлыктан"* эң оболу финансылык, сырьелук, ошондой эле экономиканын башка секторлорунан максималдуу корголушуна жетишүүгө негизделет.

Азык-түлүк базарында айыл-чарба продукцияларын тизмектештирүүнү оптималдаштыруу боюнча калыптанган эл аралык тажрыйбаны базарларга жана соода түйүндөрүнө колдонуу үчүн Кыргызстанда төмөнкүдөй иш-чараларды аткаруу зарыл:

- дыйкан (фермердик) чарбалардын соодага байланышкан ишин жандандыруу, алардын продукцияларынын жыйынтыкталуучу наркы боюнча кызыкчылыктарын күчөтүү;
- азык-түлүк даярдаган фермердин товарларын башка колго өткөн тизмекчелерде баага байланыштуу алып сатарлыкты чектөө;
- "фермердин даярдаган азык түлүгүн түздөн-түз базарга" тутумун так иштетүүгө жетишүү жана продукцияны сактоо, тиешелүү жерге жеткизүү, сатуу ж.б. иштерге байланыштуу инфраструктура элементтерин толук калыптандыруу;
- азык-түлүк базарындагы атаандаштыкка байланышкан көйгөйлөр боюнча атайын мониторинг жүргүзүү;
- азык-түлүктүн экологиялык стандарттарга туура келишин текшерип туруу;
- азык-түлүк базарынын инфраструктурасын калыптандырууга мамлекет тарабынан көмөк көрсөтүү.

**Экинчи “Азык-түлүк базарын калыптандыруунун жана өнүктүрүүнүн методологиялык аспектилери” бөлүмүндө** азык-түлүк базарын өнүктүрүүнүн натыйжалуулугуна таасирин тийгизген башкы факторлор анализденип, азык-түлүк базарын өнүктүрүүнүн жана аны божомолдоонун усулдук багыттары боюча иликтөөлөр жүргүзүлдү.

Азык-түлүк базарынын иштешин бир нукка салып, ыргакка келтирүүгө түздөн-түз таасирин тийгизүүчү өндүрүштүн өзөгүн камтыган фирмалардан, компаниялардан, кайра иштетүүчү ишканалардан, үзгүлтүксүз керектөөчүлөрдөн башка да көптөгөн олуттуу элементтер камтылып, алар тикелей же кыйыр түрүндө аракетке келтирилет. Аларга базардын калыптанышына тигил же бул өлчөмдө катышып, тиешелүү функцияларды аткарган мамлекет, эмгек, жер, материалдык жана финансы базарлары мисал болот. Базардын башкы элементтери болуп анын иштөө механизмин камсыз кылуучу суроо-талап, сунуш, атаандаштык жана баа сыяктуу элементтери, ошондой эле инфраструктура эсептелет (1-сүрөт).




1-сүрөт. Азык-түлүк базарынын иштөө механизми

*Булагы: автор түзгөн*

Базар мамлелеринин шартында агрардык секторду туруктуу жана натыйжалуу өнүктүрүүгө таасирин тийгизүүчү факторлорду эсепке алууда, экономикалык жактан кылдат баалоодо бир катар жагдайларды эске алуу талап кылынат. Эл аралык тажрыйба көрсөткөндөй, акыркы мезгилде агрардык секторду туруктуу өнүктүрүү, калкты азык-түлүк менен жетиштүү өлчөмдө камсыздоо менен байланышкан стратегияларды, концепцияларды, программаларды даярдоодо *социалдык, макроэкономикалык, микроэкономикалык, агрономиялык технологиянын* жана *экологиялык* талаптарга көбүрөөк көңүл бөлүнүүдө.

Булардын ар биринин өз алдынча өзгөчөлүктөрү, ошол эле учурда бири-бирин толуктаган байланыштары бар. Мында *агрономиялык технологиянын* жетишкендиктерин кеңири колдонуу айыл-чарбасына жарактуу жерлерди, айрыкча айдоо аянттарын туура, узак мезгилге чейин колдонууга, малдын башын сактоого, көбөйтүүгө, асыл тукумдуулугун арттырууга, дыйканчылыкта түшүмдүүлүктү жогорулатууга олуттуу салымын кошот. Учур талабына ылайык *экологиялык факторлорду* жетиштүү өлчөмдө эске алуу менен, өз кезегинде, чарбачылыкты өнүктүрүү процессинде айлана-чөйрөгө терс таасирин тийгизүүнү алдын-алууга, азык-түлүк продукциясын сапаттуу даярдоого, экспортко жөнөтүүгө толук шарттар түзүлөт. Айыл калкына негизги *социалдык көрсөткүчтөр* жагынан жеткиликтүү кам көрүү, алардын жашоо деңгээлинин жогорулашына, социалдык-маданий нуктан жакшыруусуна, миграция агымынын басаңдашына, азык-түлүктү жеткиликтүү өндүрүүгө өбөлгө түзөт. *Макроэкономикалык багыт*, тагыраак айтканда экономика секторлорун туура жолго коюунун негизинде өлкөнүн ички базарын продукция менен жетиштүү өлчөмдө камсыздоого, атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга, экспортко жөнөтүлүүчү товарлардын көлөмүн кыйла өстүрүүгө шарт түзөт. *Микроэкономикалык* жактан тиешелүү чараларды көрүү, өз кезегинде, айыл-чарба өндүрүшүндө орто жана чакан фирмалардын азык-түлүк товарларынын көлөмүн арбытууга, сапатын жакшыртууга, жеке ишкерлердин ирилешип кооперацияга биригишине мүмкүнчүлүк түзөт.

Өлкөнүн, анын региондорунун деңгээлиндеги агрардык секторду азык-түлүк базары менен шайкештикте базар мамилелерине ылайык туруктуу өнүктүрүү төмөнкүдөй бир катар маселелерди туура чечүү менен тыгыз байланышкан: калктын азык-түлүк товарларына болгон муктаждыктары менен айыл-чарба өндүрүшүнүн потенциалдык мүмкүнчүлүктөрүн шайкеш келтирүү, тамак-аш өнөр-жайына тиешелүү компанияларды жергиликтүү айыл-чарба сырьёлору менен камсыздоо; айыл жерлеринде калктын кирешелерин жогорулатып, алардын жашоо шарттарын, социалдык абалын шаар тургундарынын деңгээлине жакындатуу; айыл-чарбасына керектелүүчү ресурстарды, биринчи кезекте жер байлыгын натыйжалуу пайдаланууга жана экологиялык калпыстыктан арылтууга шарт түзүү.

Агрардык сектордун туруктуу жана натыйжалуу өнүгүшү кайталанма өндүрүштөн түздөн-түз көз каранды экендигин эске алуу менен *ички факторлорду* жалпысынан төмөндөгүдөй топторго ажыратуу ылайыктуу: *социалдык-экономикалык, социалдык-физиологиялык* жана *өндүрүштүк.* Бул факторлордун ар биринин өз алдынча багыты, өзгөчөлүгү, ээлеген орду бар. Ошол эле учурда агрардык сектордун *өндүрүш процесси* өлкөнүн, региондордун калкын тамак-аш

продукциялары менен камсыз кылып, азык-түлүк коопсуздугу маселесин чечүүдө жана тиешелүү бөлүгүн экспортко чыгарып, кирешелерди көбөйтүүдө башкы фактор болуп саналат. Ал эми калган факторлордун топтору болсо өндүрүлгөн азык-түлүктү бөлүштүрүү, алмаштыруу, ошондой эле керектөө баскычтарында таасирин тийгизип, жөнгө салууну талап кылат.

Өз кезегинде, өндүрүш факторлорунун тобуна кирүүчү элементтерди маанисине, тийгизүүчү таасирине карата бир нече топторго ажыратуу усулдук жактан туура болуп эсептелет. Алар, биздин пикирибиз боюнча, негизинен төмөнкүдөй топторду камтыйт: жаратылыштык, биотехнологиялык, уюштуруу-экономикалык, маалыматтык-технологиялык, агроэкологиялык (3-таблица).

3-таблица. - Азык-түлүк базарын өнүктүрүүгө таасирин тийгизүүчү факторлордун классификациясы

| Жаратылыш фактору | Биотехнологиялык фактор | Уюштуруу-экономикалык фактору | Маалыматтык технология фактору | Агроэкологиялык фактор |
|---|---|---|---|---|
| Климаттык шарттары | Айыл-чарбалык биотехнология | Айыл-чарбасынын өнүгүшү | Материалды иштеп чыгуунун маалыматтык технологиясы | Терс таасирин тийгизүүчү элементтерге чыдамдуу сортторду даярдоо |
| Жер-суу ресурстары | Биоэнергетика | Тамак-аш өнөр жайынын өнүгүшү | Башкаруунун маалыматтык технологиясы | Түрдүү зыянкечтерди жок кылуучу химиялык каражаттарды чыгаруу |
| Табигый кырсыктардын түрлөрү | Молекулярдык биотехнология | Тармактык, аймактык байланыштын өнүгүшү | Эксперттик тутумдун маалыматтык технологиясы | Зыянкечтерге табийгат тартуулаган каршылаштарын натыйжалуу пайдалануу |
| Дыйканчылыкты адистештирүүгө тийгизүүчү таасири | Биохимия | Инфраструктура элементтеринин өнүгүү деңгээли | | Кургак, шорлуу, саздак жерге чыдамдуу сортторду чыгаруу |
| Мал чарбасын адистештирүүгө тийгизүүчү таасири | Тамак-аш биотехнологиясы | Калктын кирешелери жана төлөм жөндөмдүүлүгү | | Гербициддердин технологиясын отоо чөптөрдү жок кылууга туура пайдалануу |
| | | Эмгек капиталынын сапаттык деңгээли | | |
| | | Демографиялык жагдай | | |

*Булагы: а*втор түзгөн

Агрардык секторду, анын ичинде азык-түлүк базарын калыптандырууга жана натыйжалуу өнүктүрүүгө жогоруда белгиленген ички факторлордон башка тышкы факторлор да олуттуу таасир тийгизет. *Тышкы* факторлордун негизин төмөнкү элементтер түзөт: өлкөдөгү саясий туруктуулук, айыл-чарба

тармактарынын өзгөчөлүгүнө карата мамлекеттик колдоо көрсөтүү, азык-түлүк продукциясына карата бааны экономикалык жөнгө салуу, экспорттук жана импорттук жагдайды тиешелүү нукка буруу, атаандаштардын көздөгөн багыттарына байкоо жүргүзүү, инфляция, кабыл алынган мыйзам актыларынын сапаттык деңгээли ж.б.

Агрардык секторду өнүктүрүүдө *мамлекеттик жөнгө салуу* жана колдоо көрсөтүү эң зарыл жана натыйжалуу экендигин экономикасы мыкты жолго коюлган өлкөлөрдүн тажрыйбасы толук ырастайт. Алсак, айрым өлкөлөрдө мамлекеттик *субсидиянын* өлчөмү айыл-чарбасынын кирешесинин олуттуу бөлүгүн ээлейт. Бул көрсөткүч Норвегияда 77%, Финляндияда 71%, Японияда 66%, Швецияда 59%, Канадада 45%, АКШда 30% түзөт. Дүйнөнүн экономикалык жактан өнүккөн мамлекеттери агрардык багытты өнүктүрүүнү колдоого жылына 274 млрд. доллардан ашуун каражат жумшайт, бул сектордун дүң продукциясынын наркынын 38% түзөт .

Кыргызстандын азык-түлүк базарын келечекте өнүктүрүүнүн негизги көрсөткүчтөрүнүн божомолун даярдоодо усулдук жактан төмөнкүдөй жагдайларды жеткиликтүү эске алуу зарыл: агрардык сектордун курамындагы айыл-чарба өндүрүшүнүн жана кайра иштетүү өнөр-жайынын учурдагы абалын иликтөө, келечекке өнүгүү божомолун республика, ошондой эле анын ар бир региондору боюнча даярдоо; түрдүү ыкмаларды колдонуунун негизинде божомолдоонун ар кандай варианттарын жасоо; агрардык комплекстин негизги багыттарын божомолдоо ыкмасынын анык көрсөткүчтөрүн даярдоонун негизинде ар түрдүү варианттарын иштеп чыгуу.

Өлкөнүн, анын региондорунун азык-түлүк базарын келечекте стратегиялык өнүктүрүүнү усулдук жактан божомолун даярдоонун үч *(жайбаракат, ылдамдоо жана кыйла ыкчамдоо)* варианты иштелип чыкты. Бул варианттардын негизин төмөнкүлөр түзөт.

*Алгачкы жайбаракат варианты*. Мында агрардык сектордун айыл-чарба тармактарынын жана кайра иштетүү өнөр-жайынын өнүгүү абалы көрсөтүлөт. Келечекте булардын башкы багыттары негизинен анчалык өзгөрбөй тургандыгы аныкталат. Андыктан, экономиканын бул олуттуу секторунда чарба акырындык менен өнүгүп, азык-түлүк базарындагы товарлардын көлөмү мурдагыдан бир аз эле өсүшү күтүлөт.

*Экинчи ылдамдоо варианты*. Алгачкы вариантка караганда мында республиканы, анын региондорун өнүктүрүүнүн мамлекеттик стратегиясына ылайык, агрардык сектордун башкы багыттарын өнүктүрүүнү божомолдоонун көрсөткүчтөрүн бир топ жакшыртуу жана кошумча акча каражаттарын бөлүү, ошондой эле инвестиция тартууну ыкчамдатуу, инновациялык экономиканын жетишкендиктерин кеңири колдонуу жагын күчөтүү белгиленет.

*Үчүнчү кыйла ыкчамдоо варианты*. Мында республиканын, анын региондорунун айыл-чарбасын, айрыкча тамак-аш өнөр-жай тармагын өнүктүрүүнү, инновациялык экономиканын, технологиялык процесстердин жетишкендиктерин колдонууну күчөтүүгө, ошондой эле калкты экологиялык жактан таза азык-түлүк товарлары менен камсыздоону нормативдик негизде

ишке ашырууга, экспорттолуучу азык-түлүктүн көлөмүн кыйла арбытып, импортту азайтууга олуттуу көңүл бөлүнөт.

**Үчүнчү “Азык-түлүк базарынын азыркы абалы жана экономикалык өнүгүү тенденциялары” бөлүмүндө** азык-түлүк базарынын тармактарынын учурдагы өнүгүү деңгээли, айыл-чарбасын өнүктүрүүнүн региондук өзгөчөлүктөрү, айыл-чарба продукцияларын кайра иштетүү тармагы анализденген.

Экономиканын агрардык сектору өндүрүштүк, уюштуруучулук жана технологиялык жактан бири-бири менен тыгыз байланышкан чарба тармакчаларынын жыйындысы болуп эсептелет. Анын уңгусун айыл-чарба продукцияларын *өндүрүү, кайра иштетүү* жана аларды *керектөөчүлөргө жеткирүү* этаптары камтыйт.

Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгондон бери агрардык реформаны ишке ашырууда чарба жүргүзүүнүн жана менчиктештирүүнүн жаңы формалары боюнча бир топ иштер жасалды. Ошол эле учурда базар экономикасынын өзгөчөлүктөрү толук эске алынбай, тийиштүү деңгээлде тажрыйба топтолбой, мыйзам базасы толук калыптандырылбай, финансылык каражаттардын жетишсиздигин толук чечпестен эле кыска убакыт ичинде реформа жүргүзүлгөндүгү белгилүү. Жыйынтыгында чарбалардагы узак убакыт бою топтолгон мүлктөр таланып, өлкөнүн экономикасына орду толгус зыян келтирилген. Анын кесепети ушуга чейин агрардык багыттагы чарбалардын жигердүү өнүгүшүнө, экономикалык көрсөткүчтөрүнүн жакшырышына терс таасирин тийгизип жатат.

Кыргызстандын айыл-чарбасы совет бийлигинин тушунда *мал чарба* багытына адистештирилип, кыйла өнүккөндүгүн белгилей кетүү зарыл. Мындан улам жалпы дүң продукциянын түзүмүндөгү мал чарбасынын үлүшү 1990-жылы 60,1% ды түзгөн. Ошол кезде уяң жүндүү кой чарбасы мыкты өнүгүп, жүн өндүрүү, кайра иштетүү продукциясын даярдоо боюнча республика мыкты региондордун катарынан орун алган.

Айыл-чарбасынын дүң продукциясын менчиктин түрүнө жараша өндүрүү боюнча иликтөө көрсөткөндөй, кийинки мезгилде өндүрүштүн жалпы көлөмүндөгү фермердик чарбалардын ээлеген орду жогорулап жатат.

Республикада 2015-жылга карата өндүрүлгөн жалпы айыл-чарба продукциясынын 61,1% фермердик чарбалардын үлүшүнө туура келген. Ал эми өздүк көмөк чарбасы 73391,0 млн. сом өлчөмүндө продукция даярдап, экинчи орунду ээлеген. Тармактын дүң продукциясы акыркы 5 жылда чарбалардын бардык түрлөрү боюнча 31,7% өскөн. Ошол эле учурда мамлекеттик жана коллективдик чарбалардын көрсөткүчтөрү бир топ төмөндөп, 1,7% гана түзгөн.

Акыркы 20-25 жылдын ичинде айыл-чарба өндүрүшүнүн түзүмүндө бир топ өзгөрүүлөр болду. 1996-жылдары картошка менен жашылча, бакча өсүмдүктөрүнүн түшүмүн киши башына эсептегенде 1990-жылдын деңгээлине салыштырмалуу бир топ жогорулаган. Ошол эле мезгилде сүт өндүрүү да көбөйгөн. Бирок, 1990-жылдагы көрсөткүчкө али жеткен эмес. Киши башына эт жана жумуртка өндүрүү азырынча төмөн бойдон калууда. Дан азыктарын

даярдоодо да киши башына эсептегенде белгилүү өлчөмдө жылыштар болгону менен, керектөөнү толук камсыз кыла албайт. Ал эми өндүрүлгөн азык-түлүк түрлөрүнүн көлөмү убакыт өткөн сайын көбөйүп жатат (4-таблица).

4-таблица - Кыргыз Республикасынын айыл-чарбасында өндүрүлгөн азыктардын негизги түрлөрү, миң тонна

| | 1990 | 2008 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Дан (тазаланган) | 1572,1 | 1510,9 | 1583,8 | 1485,0 | 1333,8 | 1700,9 | 1327,5 | 1723,1 |
| Пахта | 80,8 | 95,1 | 74,0 | 101,3 | 84,7 | 68,6 | 69,0 | 44,1 |
| Тамеки | 53,9 | 13,6 | 9,9 | 9,9 | 7,4 | 6,5 | 4,4 | 1,3 |
| Кант кызылчасы | - | - | 139,2 | 158,8 | 102,0 | 195,4 | 173,6 | 183,2 |
| Картошка | 365,1 | 1334,9 | 1339,4 | 1379,2 | 1312,7 | 1332,0 | 1320,7 | 1416,4 |
| Жашылча | 487,3 | 822,6 | 812,1 | 820,9 | 865,9 | 881,5 | 919,7 | 1052,1 |
| Эт | 254,1 | 184,2 | 187,8 | 191,6 | 192,3 | 193,2 | 204,1 | 208,3 |
| Сүт | 1185,0 | 1273,5 | 1359,9 | 1358,1 | 1382,4 | 1408,2 | 1445,5 | 1481,1 |

Булагы: Улуттук статистика комитетинин материалдарынын негизинде автордун эсептөөсү

Республикада, анын региондорунда кийинки мезгилде агрардык сектордун тармактарында өндүрүштүн өнүгүү ылдамдыгы төмөндөп, бул продукция даярдоонун натыйжалуулугуна терс таасирин тийгизип жатат. Мындай жагдайдын келип чыгышы, өз кезегинде, калкты тамак-аш азыктары менен камсыз кылууну кыйындатып, азык-түлүк базарына сапаты кыйла **төмөн**, экологиялык талаптарга жооп бербеген продукциянын жоон тобунун импорттолушуна, азык-түлүк коопсуздугунун курчушуна алып **келүүдө** (5-таблица).

5-таблица - Кыргызстанда жыл ичинде негизги азык-түлүк түрлөрүн киши башына керектөөнүн абалы, кг

| Азык-түлүк түрлөрү | 1990 | 1991 | 2000 | 2011 | 2012 | 2014 | 2015 | 2015/1990 жыл.сал (+,-) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Эт, эт азыктары | 54 | 48 | 40 | 38,7 | 36,9 | 34,6 | 39,0 | -15,0 |
| Сүт, сүт азыктары | 266 | 249 | 204 | 213,0 | 211,5 | 215,6 | 226,3 | -39,7 |
| Жумуртка, даана | 154 | 144 | 48 | 82,2 | 80,8 | 81,7 | 86,3 | -67,7 |
| Балык, балык азыктары | 6,3 | 4,2 | 1,3 | 1,9 | 1,9 | 1,9 | 1,9 | -4,4 |
| Кант | 37 | 36 | 12 | 21,4 | 20 | 19,7 | 18,3 | -18,7 |
| Өсүмдүк майы | 10,6 | 8,7 | 2,6 | 11,8 | 10,8 | 12,7 | 12,8 | +2,2 |
| Картошка | 69 | 62 | 108 | 98,5 | 98,4 | 98,5 | 98,5 | +29,5 |
| Жашылча | 78 | 73 | 128 | 150,0 | 149,4 | 150,0 | 159,0 | +81 |
| Жер-жемиш | 16 | 18 | 35 | 28,8 | 23,9 | 29,1 | 31,2 | +15,2 |
| Нан, нан азыктары | 139 | 134 | 135 | 134,9 | 134.2 | 138,1 | 136,0 | -3,0 |

Булагы: Улуттук статистика комитетинин материалдарынын негизинде автордун эсептөөсү

Республикада 2015-жылы негизги азык-түлүк түрлөрүн керектөөнүн көрсөткүчтөрү 1990-жылга салыштырмалуу бир топ кыскарган. Алсак, этти керектөө - 15,0 кг, сүт – 39,7 кг, жумуртка – 67,7 даанага, балык жана балык азыктары – 4,4 кг, кант – 18,7 кг азайган. Бир адамга туура келген орточо физиологиялык нормага ылайык эсептегенде, 2015-жылы өлкө боюнча этти керектөө нормасынын 63,6%, жумуртканы - 47,2%, балык, балык азыктарын - 17,6%, кантты - 70,4%, жер-жемишти - 25,2% гана канааттандырылган.

Акыркы 4 жыл ичинде азык-түлүк азыктарын киши башына эсептегенде Кыргызстан 136 кг нан азыктарын пайдаланса, бажы союзуна кирген жана КМШнын айрым өлкөлөрү, тагыраак айтканда Армения 189 кг, Азербайжан 152 кг нан керектеген. Картошканы киши башына Беларусь 182 кг пайдаланса, Кыргызстанда бул көрсөткүч 98 кг түзгөн. Мал чарба азыктары боюнча дагы олуттуу айырмачылыктар орун алган (6-таблица).

6-таблица – Айрым КМШ өлкөлөрүндөгү айыл-чарба продуктыларын киши башына орточо пайдалануу көрсөткүчтөрү (2010-2014-жж.), кг менен

| | Эт жана эт азыктары | Сүт жана сүт азыктары | Жумуртка | Нан азыктары | Картошка | Жашылчалар жана бахча | Жемиштер, жүзүм, цитруст. кошкондо | Өсүмдүк майы | Кант |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Кыргызстан | 37 | 214 | 81 | 136 | 98 | 150 | 28 | 12 | 21 |
| Азербайжан | 34 | 254 | 135 | 152 | 71 | 146 | 74 | 9 | 31 |
| Армения | 47 | 237 | 211 | 189 | 45 | 330 | 100 | 9 | 28 |
| Беларусь | 88 | 267 | 297 | 89 | 182 | 146 | 64 | 18 | 44 |
| Казакстан | 65 | 242 | 216 | 118 | 112 | 194 | 54 | 22 | -- |
| Молдова | 40 | 171 | 174 | 112 | 56 | 97 | 42 | -- | -- |
| Россия | 73 | 247 | 271 | 119 | 109 | 107 | 62 | 14 | 40 |
| Украина | 53 | 214 | 305 | 109 | 137 | 159 | 54 | 13 | 38 |

Булагы: Статистикалык материалдардын негизинде автордун эсептөөсү

Республикада учурда калктын керектөөсүнүн физиологиялык нормасы *нан жана нан азыктары, картошка, жашылча* жана *өсүмдүк майы* боюнча толук камсыз кылынат. Ал эми калган азык түрлөрү тигил же бул өлчөмдө тартыштык кылгандыктан, жалпы керектөөлөрдүн 30% азырынча импорттолуп келүүчү азык-түлүк продукцияларынын эсебинен канааттандырылат.

Өлкөдө 1991-2015-жылдар аралыгында бодо мал 425,3 миң, уй 238,8 миң, жылкы 131,1 миң башка көбөйгөн. Мындан улам мал чарба продукциясынын көлөмүнүн арбышына шарт түзүлгөн. Бирок ушул эле

жылдары кой-эчкинин саны 3177,1 млн. башка, топоз 22,9 миң башка, чочко 307,4 миң башка, үй канаттуулары 79854,0 млн. башка азайган (7-таблица).

7-таблица - Кыргызстандагы малдын түрлөрү боюнча жалпы санынын динамикасы, миң баш

| Түрлөрү | 1991 | 1995 | 2000 | 2005 | 2009 | 2013 | 2014 | 2015 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бодо мал, анын ичинен: | 1067,2 | 959,4 | 974,8 | 1074,8 | 1225,0 | 1404,2 | 1458.4 | 1492,5 |
| Уй | 518,6 | 470,9 | 529,8 | 565,1 | 635,6 | 718,5 | 744,3 | 757,4 |
| Топоз | 55,3 | 33,2 | 16,3 | 22,1 | 23,4 | 31,2 | 36,2 | 32,4 |
| Кой, эчки | 9106,6 | 3899,4 | 3197,8 | 3876,0 | 4502,7 | 5641,2 | 5829,0 | 5929,5 |
| Жылкы | 318,5 | 299,1 | 353,9 | 345,2 | 362,4 | 407,4 | 433,0 | 449,6 |
| Чочко | 357,7 | 113,9 | 101,1 | 77,8 | 63,3 | 51,8 | 50,8 | 50,3 |
| Үй канаттуулары | 13571,2 | 2031,8 | 3063,7 | 4279,0 | 4364,8 | 5385,7 | 5420,0 | 5586,2 |

*Булагы:* Улуттук статистика комитетинин материалдарынын негизинде автордун эсептөөсү

Иште **өлкөнүн** агрардык сектору тармактык жактан эле талданбастан, региондор боюнча **өзгөчөлүктөрүнө,** өндүрүштүн тигил же бул түрүнө адистештирилишине, эмгек капиталынын жетиштүүлүгүнө жана сапатына, жеринин шартына, инновациялык технологиялар менен учур талабына жооп бергидей жабдылышына жараша калыптана тургандыгы **кеңири** иликтенди.

**Төртүнчү “Азык-түлүк базар инфраструктурасын өнүктүрүүнүн экономикалык мааниси” бөлүмүндө** азык-түлүк базарынын инфраструктурасын өнүктүрүүнүн илимий-теориялык негиздери талданып, республиканын азык-түлүк базарындагы инфраструктуранын абалы, көйгөйлөрү жана аны жигердүү өнүктүрүүнүн башкы багыттары изилденди.

Базар мамилелеринин шарттарында азык-түлүк базарын уюштуруу, калыптандыруу жана үзгүлтүксүз иштетүү процессинде ар тараптан тейлөө көрсөтүүчү *инфраструктура элементтеринин* мааниси зор. Алар түрдүү материалдык, финансылык, маалыматтык объектилерди, институттук түзүмдөрдү камтып, азык-түлүк базарынын субъектилерин бир нукка салууну ишке ашырып турат. Жыйынтыгында базардын кайталанма өндүрүшүнүн туруктуу жана натыйжалуу иштешине өбөлгө түзүлөт.

Учурда базар инфраструктурасына байланышкан бир катар теориялык жактан негизделген концепциялар калыптанган. Мындай концепциялар түрдүү илимий агымдардын өнүгүшүнө жараша түзүлгөн. Биздин пикирибизде түрдүү агымдардын ичинен инфраструктуранын толук классификациясын А. Новоселов иштеп чыккан. Анын көз карашына ылайык базар инфраструктурасынын теориялык концепциясы бир нече багыттарды камтыйт. Алардын негизгилерине кошумча сарптоолор, институттук, маркетингдик, бөлүштүрүүчүлүк, логистикалык концепциялар кирет (8-таблица).

8-таблица - Базар инфраструктурасынын концепциялары боюнча илимий ыкмалар менен конструктивдүү идеялардын түрмөгү

| Концепциялар | Базар инфраструктурасынын маңызы | Негизги конструктивдүү идеялар |
|---|---|---|
| Кошумча сарптоолор | Менчик капиталдын базарды өнүктүрүү үчүн иштешине жагымдуу экономикалык климатты түзүүнүн жалпы шарттарынын системасы | Товар айланымынын иштеши жана ишкердикти өнүктүрүү үчүн экономикалык шарттарды түзүү |
| Институттук | Айланма чөйрөсүндөгү өндүрүш менен керектөөнүн ортосундагы карым-катнашты камсыздоочу өз ара аракеттеги мекемелердин системасы | Кошумча сарптоолор алкагындагы базар инфраструктурасын уюштуруунун жана өз ара аракеттеги варианттарынын институттук формасын тандоо |
| Маркетингдик | Товарды базарда сатууга жана товарга, тейлөө көрсөтүүгө жаңы суроо-талапты калыптандырууга шарт түзүүчү иштердин жыйындысы | Керектөөчүлөрдүн кызыкчылыктарын толук эске алуу аркылуу базарлардын бүтүндөй системасын тейлөөнүн базардык инфраструктурасын калыптандыруу |
| Бөлүштүрүүчүлүк | Өндүрүүчүлөрдөн керектөөчүлөргө чейинки товарлардын айланымынын агымын камсыз кылуунун иш аракеттеринин жыйындысы | Түрдүү базар түрлөрү үчүн товар айланымынын жана аларды тейлөөнүн инфраструктурасынын натыйжалуу каналдарын тандоо |
| Логистикалык | Материалдык-техникалык объектилердин жана каражаттардын системасы. Булар товарларды ташууну жана бул процессти маалымат жана финансы агымы менен жабдып турууну камтыйт | Айлануу чөйрөсүндө транспорттук-кампалык процесстерди, материалдык, финансылык жана маалыматтык агымдарды ишке ашыруу |

*Булагы: автор түзгөн*

Азык-түлүк базар инфраструктура элементтери өлкө чарбасынын бир катар олуттуу иштерин алдыга жылдырууга көмөктөшүп, тиешелүү оң жыйынтык чыгарууга зор салымын кошот. Базар алкагында аракетке келтирилүүчү инфраструктураны ар тараптан иликтөөдө көбүнчө *институттук* же *түзүмдүк-функционалдык ыкма* колдонулат. Мында *биринчи ыкма* негизинен азык-түлүк базарын теориялык жактан изилдөөдө колдонулса, *экинчиси* базардын иштөө механизмин иликтөөдө пайдаланылат.

Агрардык сектордун алкагында калыптануучу азык-түлүк базарынын жогоруда белгиленген функцияларын эске алуу менен инфраструктуранын курамын толук аныктоого болот. Аларга негизинен соода, коомдук тамактануу, ташуу, муздатуу-сактоо, таңгактоо, камдоо, соода-ортомчулук инфраструктурасы кирет. Ал

эми функциялык жактан маалыматтык, финансылык жана укуктук-ченемдик камсыздоо жагы камтылат (2-сүрөт).




2-сүрөт. Азык-түлүк базар инфраструктурасынын иштөө тилкеси
*Булагы: а*втор түзгөн

Азык-түлүк базарынын инфраструктурасы базар мамилелеринин алкагында мекемелердин жыйындысын, алардын өз ара байланыштарын жана институттук шарттарын камтыйт да, чарбалык субъектилерди, калктын калың катмарын азык-түлүк товарлары менен камсыздоону, тиешелүү түрлөрү менен керектөөсүн канааттандырууну көздөгөн экономикалык чиеленишкен, татаалдашкан категория болуп эсептелет. Азык-түлүк базары алмашуу, товардык-акча мамилелеринин тутумундагы сатуучулар менен сатып алуучулардын карым-катнашынын чөйрөсү катары, бир жагынан товар өндүрүүчүлөр менен товар керектөөчүлөрдү, экинчи жагынан базар инфраструктурасынын өкүлү катары эсептешүүчү-ортомчуларды камтыйт.

Андыктан, биздин пикирибизде азык-түлүк базарынын инфраструктурасы - бул продукцияны түздөн-түз өндүрүүчүлөр менен керектөөчүлөрдүн, карыз алуучулар менен насыя берүүчүлөрдүн ортосунда натыйжалуу карым-катнашты камсыз кылуучу базардагы ортомчулардын курамы болуп эсептелет.

Ал эми базар инфраструктурасынын иши, бир жагынан базарга тиешелүү субъектилерди ар тараптуу тейлөөнү, экинчи жагынан базардагы иш процессине катышкан эмгек капиталын үзүрлүү колдонууну, сапаттык

деңгээлин жогорулатууну көздөйт. Биздин иликтөө көрсөткөндөй, азык-түлүк базарынын *инфраструктурасынын негизги функцияларына* төмөнкүлөр кирет:

- базар мамилелеринин катышуучуларынын көздөгөн максаттарын ишке ашырууну жеңилдетүү;
- базар субъектилеринин ишинин ыкчамдуулугун алардын ишмердүүлүгүн адистештирүүнүн негизинде жогорулатуу, ишинин натыйжалуулугун арттыруу;
- базар мамилелерине тиешелүү уюштуруу иштерин адистештирүү багытында туура жүргүзүү;
- базардын натыйжалуу иштешине шарт түзгүдөй, атаандаштыкка толук жооп бергидей адистерди жетиштүү өлчөмдө даярдоого жетишүү.

Кыргызстандын жана анын региондорунун шарттарында азык-түлүк базарынын инфраструктура элементтерин ар тараптуу иликтөөнүн негизинде, аны калыптандырууга жана иштетүүгө терс таасирин тийгизген багыттар катары төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот:

- базар субъектилери менен инфраструктуранын элементеринин бири-бири менен эриш-аркак иштей албай жатышы;
- инфраструктуранын көпчүлүк элементтеринин жигердүү иштешине мамлекеттик колдоо көрсөтүүнүн жетишсиздиги;
- инфраструктуранын элементтеринин кызмат көрсөтүү багыттары боюнча кардарларга маалыматтын толук жетпей калышы;
- өндүрүлгөн продукцияны азык-түлүк базарында ийгиликтүү сатууга инфраструктуранын айрым элементтеринин сапаттык көрсөткүчтөрүнүн кедергисин тийгизип жатышы.

Азык-түлүк базарын калыптандыруунун тиешелүү баскычтарынан өтүүдө жана бир нукка салып иштетүүдө *мамлекет тарабынан колдоо көрсөтүүнүн* мааниси өтө олуттуу. Мамлекеттин базар инфраструктурасы багытында жүргүзүүчү экономикалык саясатын баарынан мурда жалпы өлкөнүн деңгээлиндеги кызыкчылыкка багыттап, агрардык секторду, анын ичинде азык-түлүк базарын бүтүндөй чарба комплексинин алкагында бирдиктүү карап, өнүгүү өзгөчөлүктөрүн, ички дүң продукциядагы үлүшүн толук эске алуу учур талабы. Инфраструктуранын элементтерин шайкештикте жана натыйжалуу өнүктүрүү үчүн мамлекеттин жардамында тиешелүү деңгээлде аукциондорду, биржаларды, дүңүнөн сатуучу базарларды, дүкөндөрдү, ошондой эле кредиттик, камсыздандыруучу мекемелерди, маркетингдик, кеңеш берүүчү кызматтарды уюштуруу башкы көйгөйлөрдөн болуп саналат.

Эл аралык тажрыйбага таянып, дүң соодану өнүктүрүүнү төмөнкүдөй багыттар боюнча бөлүп кароого болот:

- дүң азык-түлүк базары жана логистикалык бөлүштүрүү борбору аркылуу тез бузулуп кетүүчү продукцияларды сатуу. Мында маалыматтык технологияларды мүмкүн болушунча пайдалануу, товарга жана тейлөө көрсөтүүгө карата өсүп жаткан талапты канааттандыруу башкы орунду ээлейт;

- мамлекеттик жана мамлекеттик эмес түзүмдөрдүн өз ара байланышынын негизинде товардык биржалар аркылуу стандартташтырылган продукцияны сатуу;

- заман талабына ылайык келген технологияны жана байланыш каражаттарын пайдалануунун негизинде азык-түлүк товарларын өткөрүүдө электрондук сооданы өнүктүрүү.

Жогоруда белгиленген негизги багыттарды эске алуу менен азык-түлүк товарларын дүңүнөн сатуучу базарларды өлкөнүн чоң шаарларына жайгаштыруу жана иштетүүгө технологиялык жаңылыктарды, табылгаларды кеңири пайдаланууну ылдамдатуу зарылчылыгы келип чыгууда. Мындай көйгөйдү туура, өз убагында чечүү өз кезегинде азык-түлүк базарынын көлөмүнүн кеңейишине, карым-катнаштын күчөшүнө шарт түзүп, базар экономикасынын механизмдеринин бир топ натыйжалуу иштешине, жаңы баскычка көтөрүлүшүнө шарт түзөт.

Кыргызстандын азык-түлүк базарынын инфраструктурасы бир катар башкы багыттарын өркүндөтүүнү бир нукка салууга жана келечекте сандык, ошондой эле сапаттык жактан кыйла жакшыртууга муктаж. Иликтөө көрсөткөндөй булардын негизин төмөнкүлөр камтыйт:

- калкты сапаттуу азык-түлүк түрлөрү менен камсыз кылуу максатында жеке ишкерлерге, фермерлерге ар тараптуу көмөк көрсөтүү, ишин илгерилетүүгө материалдык жактан кызыктыруу формаларын колдонуу;

- айыл-чарбасынын азык-түлүк товарларын жана кайра иштетүүчү ишканаларынан чыгарылуучу продукцияларды сактоочу жайларды, кампаларды келечектеги өндүрүлүүчү потенциалдык мүмкүнчүлүктөрдү эске алуу менен куруу;

- тез бузулуп кетүүчү азык-түлүк сырьелорун, товарларды сактай турган жайларды учур талабына шайкеш келгидей технологиялык жабдууларды колдонуунун негизинде жетиштүү өлчөмдө камсыздоону ишке ашыруу;

- азык-түлүк продукцияларын сактоо жана ташуу учурунда чыгашанын өлчөмүн мүмкүн болушунча төмөндөтүү үчүн учур талабына толук жооп бергидей логистикалык жайларды ар бир региондо муктаждыгына карата уюштурууну тездетүү;

- азык-түлүк продукцияларын бир жерден экинчи жерге ташуу учурунда сапатын тиешелүү өлчөмдө сактоо максатында атайын адистештирилген, муздаткыч менен жабдылган вагондорду, айрыкча чоң жүк ташуучу автомобилдерди көбөйтүү;

- чыгарылган продукцияларды сактоого, ташууга керектелүүчү, бышык, ыңгайлуу, жарашыктуу, өздүк наркы салыштырмалуу арзан таңгактоочу материалдарды, тараларды чыгаруучу өндүрүш процесстерин толук калыптандырууда, андан ары өнүктүрүүдө азыркы инновациялык мүмкүнчүлүктөрдү толук пайдалануу;

- айыл-чарба продукцияларын өндүрүүчү фермерлер, сырьену кайра иштетүүчү ишканалар менен дүң, чекене соода менен алектенгендерди, тагыраак айтканда «товар өндүрүүчү менен товарды акыркы керектөөчүнүн» ортосундагы аралыкты мүмкүн болушунча кыскартууга жетишүү.

**Бешинчи “Кыргызстандын азык-түлүк базарын өнүктүрүүнүн жана жөнгө салуунун башкы багыттары” бөлүмүндө** азык-түлүк базарын өнүктүрүүнүн экономикалык стратегиясы, азык-түлүк базарын жөнгө салуунун уюштуруучулук-экономикалык механизмин жакшыртуу жолдору каралган.

Кыргызстандын азык-түлүк базарында калктын керектөөсүн узак мөөнөткө чейин камсыз кылуучу продукцияны өндүрүүнүн аралыктык божомолун аныктоо тренддик теңдеменин жардамында үч вариант менен жүргүзүлдү. Узак мөөнөттүү божомолдоонун жыйынтыгы көрсөткөндөй, республиканын айыл-чарба тармактарында калкка эң керектүү азык-түлүк продукцияларынын түрлөрүн өндүрүү 2025-жылга чейин үзгүлтүксүз жогорулайт. Албетте ар бир варианттын көрсөткүчтөрүнүн ортосунда тиешелүү өлчөмдө айырмачылыктар келип чыккандыгын көрүүгө болот (9-таблица).

9-таблица - Кыргызстанда айыл-чарба продукциясынын негизги түрлөрүн өндүрүүнүн болжолдуу көрсөткүчтөрү, миң т.

| Продукция | Көрсөткүчтөр | 2011-2015 жыл. орточо көрсөткүч | Божомол | | 2025-ж. орт. көр. 2011-2015-ж. карата өсүшү |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | 2020-ж | 2025-ж | |
| Эгин | 1- вариант | 1514,1 | 2837,3 | 3671,8 | 2,4 эсе |
| | 2- вариант | | 3338,0 | 3838,7 | 2,5 |
| | 3-вариант | | 3504,9 | 4005,6 | 2,6 |
| Кант кызылчасы | 1- вариант | 162,6 | 301,35 | 336,07 | 2,1 |
| | 2- вариант | | 309,94 | 385,60 | 2,4 |
| | 3-вариант | | 318,53 | 396,98 | 2,5 |
| Картошка | 1- вариант | 1350,9 | 1435,8 | 1669,7 | 1,2 |
| | 2- вариант | | 1441,3 | 1692,9 | 1,3 |
| | 3-вариант | | 1446,8 | 1709,5 | 1,3 |
| Жашылча | 1- вариант | 908,0 | 1549,8 | 2463,1 | 2,7 |
| | 2- вариант | | 1589,8 | 2554,5 | 2,8 |
| | 3-вариант | | 1629,8 | 2645,8 | 2,9 |
| Бакча өсүмдүктөрү | 1- вариант | 197,9 | 361,1 | 478,3 | 2,4 |
| | 2- вариант | | 374,2 | 551,8 | 2,8 |
| | 3-вариант | | 387,3 | 625,3 | 3,2 |
| Мөмө-жемиштер | 1- вариант | 223,5 | 403,7 | 538,0 | 2,4 |
| | 2- вариант | | 424,5 | 654,7 | 2,9 |
| | 3-вариант | | 445,3 | 697,8 | 3,1 |
| Эт (тирүүлөй салмакта) | 1- вариант | 197,4 | 203,4 | 211,1 | 1,1 |
| | 2- вариант | | 213,1 | 225,6 | 1,14 |
| | 3-вариант | | 222,7 | 240,1 | 1,2 |
| Сүт | 1- вариант | 1415,1 | 1475,2 | 1475,6 | 1,04 |
| | 2- вариант | | 1481,6 | 1482,0 | 1,05 |
| | 3-вариант | | 1488,0 | 1488,5 | 1,05 |
| Жумуртка (млн. даана) | 1- вариант | 422,4 | 518,5 | 587,9 | 1,39 |
| | 2- вариант | | 528,0 | 602,0 | 1,43 |
| | 3-вариант | | 537,5 | 616,2 | 1,46 |

Булагы: автордун эсептөөсү

Божомолдоонун жыйынтыгына ылайык келечекте азык-түлүк продукциясынын бардык түрүн өндүрүүнүн көлөмү кыйла өсөт. Ошол эле учурда өсүү жагынан азыктардын түрлөрү боюнча бир топ айырмачылыктар бар. Алсак эгиндин, кант кызылчасынын, жашылчанын, бакча өсүмдүктөрүнүн, мөмө-жемиштин көлөмүнүн өсүшү 2-3 эседен жогору өссө, картошканын, эттин, сүттүн жана жумуртканын өсүү көрсөткүчтөрү 1,5 эседен ашпай тургандыгын байкоого болот. Булардын ичинен продукциянын үч түрү (эт, сүт, жумуртка) мал чарбачылыгынан алынуучу сырье болуп эсептелет. Республикадагы мындай жагдайды эске алуу менен төмөндө эт өндүрүү тенденциясын кеңири иликтөө аркылуу айрым маселелерди тактоого, аларды келечекте чечүү жолдорун сунуштоого аракет жасалды.

Кыргызстанда 2015-жылы 208,3 миң т. эт өндүрүлгөн, бул 2011-жылга салыштырганда 17,9 миң тоннага көп, тагыраак айтканда орто эсеп менен жыл сайын 3,6 миң тоннадан ашуун эт даярдалган. Ушундай өсүү көрсөткүчүнүн нугунда республикадагы эт өндүрүүнүн узак мөөнөттүү божомолун даярдоого мүмкүнчүлүк түзүлдү (10-таблица ).

10-таблица - Кыргызстанда эт өндүрүүнүн көрсөткүчтөрүнүн узак мөөнөттүк божомолу, миң т.

| Эттин түрлөрү | 2011-2015-жылдар (орто-у) | Б о ж о м о л | | | | | 2017-2025-жылдар жый-гы (орточо) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 2017-ж | 2019-ж | 2021-ж | 2023-ж | 2025-ж | |
| Республика боюнча | 197,4 | 212,5 | 219,3 | 226,2 | 233,1 | 240,1 | 226,24 |
| Уйдуку жана торпоктуку | 98,7 | 109,0 | 112,5 | 116,0 | 119,6 | 123,2 | 116,06 |
| Койдуку жана эчкиники | 54,7 | 56,5 | 58,3 | 60,7 | 62.0 | 63,9 | 60,28 |
| Жылкыныкы | 21,4 | 22,3 | 23,0 | 23,8 | 24,5 | 25,2 | 23,76 |
| Канаттуунуку | 6,5 | 6,7 | 6,8 | 6,9 | 7,1 | 7,3 | 6,96 |
| Коендуку | 0,36 | 0,4 | 0,4 | 0,5 | 0,5 | 0,5 | 0,46 |

Булагы: автордун эсептөөсү

Ошол эле учурда калктын киши башына этти керектөөсү боюнча республика экономикасы жакшы өнүккөн мамлекеттерден кыйла артта. 2015-жылы Кыргызстанда киши башына бир жылда 39 кг эт жана эт азыктарын керектеген. Бул көрсөткүч АКШга салыштырганда 3,2 эсеге, Беларустан 2,4 эсеге, Россиядан 2 эсеге, Казакстандан 1,8 эсеге аз.

Келечекте республиканын калкын эт менен камсыздоо, анын белгилүү бөлүгүн экспортко жөнөтүү негизинен уйдун, койдун, жылкынын, канаттуунун жана топоздун эттери менен толукталат. Эт, эт азыктарын өндүрүүнүн ичинен башкы орунду уйдун эти ээлейт. Учурда даярдалган бардык эт ресурстарынын 47,6% эттин ушул түрүнө туура келет. Мындан ары да ирилештирилген мал

чарбасын калыптандыруу, бодо малдын тукумун жакшыртуу аркылуу калктын керектөөсүнүн басымдуу бөлүгүн уй эти менен камсыз кылууга болот. Керектөөнүн калган бөлүгүн келечекте койдун, жылкынын, топоздун, канаттуунун эттери менен толуктоого мүмкүнчүлүктөр жетиштүү. Булардын ичинен адамдын ден соолугуна кыйла пайдалуу, эколгиялык жактан эң таза топоздун этин даярдоого потенциалдык мүмкүнчүлүктөр арбын. Анын үстүнө тоздун этине болгон суроо-талап убакыт өткөн сайын жогорулап жатат.

Кыргызстанда топоздун саны боюнча эң жогорку көрсөткүч 1970-1985-жылдарга туура келген, тагыраак айтканда анын башы ошол мезгилде 80 миңге чейин жеткен. Атайын топоз өстүрүүчү чарбалар уюштурулуп, Нарын, Балыкчы, Ош, Каракол эт комбинаттарында 11 миңге чейин топоз союлуп турган. Буга ошол кезде республиканын өкмөтү тарабынан топоз чарбасын бийик тоо шартындагы атайын мал чарба тармакчасы катары кароо тууралуу атайын токтом кабыл алынышы менен байланышкан иш-чаралар таасирин тийгизген.

Биздин эсептөөлөрүбүз боюнча республикадагы топоздун санын 2025-жылы 181,1 миң башка жеткирүүгө болот. Региондордун ичинен топоздун саны жагынан азыркыдай эле башкы орунда Нарын, Ысык-Көл, Ош облустары турса, Талас жана Жалал-Абад облустарында малдын бул түрү жеринин шартына байланыштуу анчалык өнүгө албайт (11-таблица).

11-таблица - Кыргызстанда топоздун санын көбөйтүү көрсөткүчтөрүнүн узак мөөнөттүү божомолу, баш менен

| Региондор | 2014-ж. | Б о ж о м о л | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | 2019-ж | 2021-ж | 2023-ж | 2025-ж |
| Республика боюнча | 36184 | 64184 | 93184 | 132184 | 181184 |
| Баткен | 1519 | 2696 | 3914 | 5552 | 7609 |
| Жалал-Абад | 288 | 513 | 745 | 1057 | 1449 |
| Ысык-Көл | 10709 | 18998 | 27582 | 39126 | 53630 |
| Нарын | 15866 | 28176 | 40907 | 58029 | 79540 |
| Ош | 5932 | 10526 | 15284 | 21679 | 29715 |
| Талас | 127 | 194 | 280 | 397 | 544 |
| Чүй | 1412 | 2503 | 3634 | 5155 | 7066 |
| Өзгөчө эсеп | 331 | 578 | 838 | 1189 | 1631 |

Булак: автордун эсептөөсү

Келечекте топоздун саны республика боюнча 5 эсеге көбөйтүлсө, камдалуучу эттин көлөмү да кыйла өсөт. Буга чейинки калыптанган тажрыйба көрсөткөндөй, топозду төрт жашка чыкканча багып, андан кийин союп алуу туура. Мындай эрежени сактоо менен бир топоздон 180 кг эт алууга болот. Эсептөөлөр көрсөткөндөй, топоздун эти 2019-жылы азыркыга караганда 1,8

эсеге, 2021-жылы 2,6 эсеге, ал эми 2025-жылы 5 эсеге арбыйт. Бул өндүрүлгөн эттин бир бөлүгүн экспортко чыгарууга толук мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Узак мөөнөттүк божомолдоонун көрсөткүчтөрүн убагында ишке ашыруу үчүн мамлекеттик деңгээлдеги бир катар иш-чараларды аткаруу зарылдыгы келип чыгат. Алардын негизгилерине төмөнкүлөр кирет:

- топоз чарбачылыгын кластердик ыкманын негизинде өнүктүрүү жана аны толук калыптандырып, натыйжалуулугун арттырууга чейин мамлекет тарабынан колдоо көрсөтүү, жеңилдетилген кредиттерди берүү;
- эттүүлүгүн жогорулатуу максатында топоздун асыл тукумдуулугун жакшыртуу, ветеринардык тейлөө иштерин жетиштүү өлчөмдө уюштуруу;
- даярдалган этти азык-түлүк базарына чейин, орчомчуларды катыштырбастан, түз жеткирүүнү жана кардарларга сатуу процессин аягына чыгарууну кылдат жөнгө салуу;
- Нарын, Ысык-Көл жана Ош облустарында мал союучу жайларды жана аны кайра иштетүүчү чакан ишканаларды жайгаштыруу;
- топоздун этинен башка сүтүн, терисин, мүйүзүн, туяктарын, сөөктөрүн, куйругунун кылын калктын, туристтердин керектөөсүнө карата иштетүү;
- бийик тоолуу жерлерде азыр карышкырдын саны көбөйгөндөн улам малды, анын ичинде топоздорго зыян келтирүү коркунучу күчөп жаткандыктан, аларды атып жок кылуу боюнча иш-чараларды күчөтүү;
- жыл сайын союлган топоздордун санын тактоо жана канча көлөмдө эт өндүрүлүп жатканын статистикалык жыйнактарда чагылдырып туруу.

Кыргызстанда, анын регионДорунда азык-түлүк базарын өнүктүрүүнүн стратегиялык максаттарын ишке ашыруу үчүн бир топ маселелерди чечүү талап кылынат. Буларга негизинен төмөнкүлөр кирет:

- агрардык сектордун өнүктүрүү талап кылынган тиешелүү багыттарынын, тармактарынын азык-түлүк товарларын чыгарууга карата адистештирилишин так аныктоо;
- айыл-чарба продукцияларын өндүрүүчүлөрдүн жана аны иштетүүчү ишканалардын болочок мүмкүнчүлүктөрүн толук баалоо жана аны пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу жолдорун бышыктоо;
- жергиликтүү тамак-аш азыктарынын эл аралык базар алкагындагы атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу нугунда учур талабына жооп бергидей деңгээлге жеткирүү чараларын көрүү;
- дыйканчылыкта өсүмдүктөрдүн мыкты сортторун, мал чарбасында малдын асыл тукум түрлөрүн арбытуу, сапатын жакшыртуу, экологиялык жактан тазалыгын камсыз кылуу аркылуу жергиликтүү тамак-аш азыктарынын эл аралык базар алкагына чыгышына шарт түзүү максатында инновациялык технологияларды колдонууну кеңейтүү;
- кайра иштетүү өнөр-жай ишканаларын жаңы технологиялык жабдуулар менен камсыз кылуунун негизинде айыл-чарба продукцияларын иштетүүнү өнүктүрүү жана чыгарылган азык-түлүк товарларынын түрлөрүн көбөйтүү;
- буга чейин калыптанып, азык-түлүк продукциясын өндүрүп жаткан чакан жана салыштырмалуу ири фермерлердин, жеке ишкерлердин, кайра иштетүү

ишканаларынын тең салмактуулугун иликтөө аркылуу аларды акырындап кооперациялык негизде ирилештирүү;

- азык-түлүк базарын тейлеген инфраструктуранын материалдык-техникалык, технологиялык базасын жаңылоо аркылуу продукциянын коромжулануучу өлчөмүн кыскартуу, өндүрүштүн чыгымын азайтууга жетишүү;

- агрардык сектордун фирмаларын үзгүлтүксүз, сапаттуу окутуунун, практикалык жактан такшалтуунун негизинде базар экономикасынын талабына жооп бергендей кадрлар менен толук камсыз кылуу, ошондой эле чет мамлекеттерде окуган, иштеп тажрыйба топтогон адистер менен толуктоо;

Кыргызстандын региондорунун агрардык секторунун айыл-чарба өндүрүшүн, кайра иштетүү тармактарын өнүктүрүү, азык-түлүк базарын талапка ылайык иштетүүнү жөнгө салууну жакшыртуу үчүн, биздин пикирибиз боюнча, биринчи кезекте төмөнкүдөй үч топко бириктирилген иш-чаралардын тизмегин аткаруу зарыл:

Б и р и н ч и т о п. Айыл-чарба продукцияларын өндүрүүчүлөргө жана кайра иштетүү ишканаларында товар чыгаруучуларга баа жана кирешеси жагынан колдоо көрсөтүүнү жөнгө салуу чаралары:

- тиешелүү өлчөмдөгү кредиттерди жогорку кызматтарда иштеген чиновниктерди, бийлик өкүлдөрүн аралаштырбастан, коммерциялык банктар аркылуу берүүнү уюштуруу;

- кредиттерди өтүмдүү мүлктөрдү күрөөгө коюунун негизинде гана берүү;

- жеңилдетилген кредиттерди берүүнү төмөндөтүлгөн пайыз менен, мамлекетти аралаштырбастан, кредитти бөлүштүрүүнүн базар мамилелеринин механизмдерин колдонуу аркылуу уюштуруу;

- лизинг фондусунун түрдүү каражаттарын фонддун каражаты менен биргеликте өздүк каражаттарын төгүүгө мүмкүнчүлүгү бар фермерлерге, жеке ишкерлерге бөлүштүрүп берүү.

Э к и н ч и т о п. Өлкөнүн региондорунун агрардык секторун өнүктүрүүдө, анын алкагындагы азык-түлүк базарынын суроо-талабын канааттандырууну жөнгө салууда бир катар негизги чараларды ишке ашыруу зарыл. Аларга биринчи кезекте калктын жашоо деңгээлин жогорулатууга, керектүү азык-түлүк продукция түрлөрүн жетиштүү өлчөмдө сатып алууга, базар экономикасынын шарттарында социалдык коргоо механизмдеринин иштешине көмөк көрсөтүүчү атайын илимий негизделген программаны даярдоо жана ишке киргизүү кирет.

Социалдык жактан көмөк көрсөтүүнүн алкагында тиешелүү программаны иштеп чыгуу жана ишке кийирүү аркылуу республиканын региондорунун азык-түлүк базарын белгилүү өлчөмдө жөнгө салып турууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Ал үчүн төмөндөгүдөй бир катар олуттуу жумуштарды аткаруу талап кылынат:

- республиканын региондорунун калкынын түзүмү боюнча тапкан кирешелеринин өсүү тенденцияларын, багыттарын тактап, акча каражатынын тамак-ашка жумшалган үлүшүнүн өзгөрүшүнө үзгүлтүксүз байкоо жүргүзүп, жыйынтык чыгарып туруу;

- калктын кирешеси салыштырмалуу бир топ төмөн катмарларын иргеп алып иликтөө жүргүзүү жана бул көрсөткүч боюнча региондордогу айырмачылыктардын себептерин изилдөө;

- региондор боюнча калктын өтө жакыр катмарларын аныктоо жана аларга тамак-аштын айрым түрлөрү боюнча мамлекет тарабынан көмөк көрсөтүүнү жөнгө салуу;

- жумушка жарамдуу калктын кирешеси төмөн катмарынын бир бөлүгүн кошумча адистик алуу үчүн эл аралык уюмдардын жардамы менен окутуу, айрымдарынын тапкан кирешесине кошумча иретинде акчалай каражат же айыл-чарба продукциясы жагынан көмөк көрсөтүп туруу.

Ү ч ү н ч ү т о п. Өлкөнүн региондорунун азык-түлүк базарын тейлеген инфраструктураны калыптандырууну жана өнүктүрүүнү жөнгө салуу боюнча иш-чаралар. Азык-түлүк базарынын инфраструктура элементтерин илимий, өндүрүштүк, социалдык жана инновациялык жактан жеткиликтүү өнүктүрүүнү жөнгө салуу, өз кезегинде, азык-түлүк продукцияларын өндүрүүчүлөрдүн кирешесин арбытууга түздөн-түз таасирин тийгизет. Аларга негизинен төмөнкүлөр кирет:

- инфраструктуранын өзөгүн түзгөн жол түйүндөрү, байланыш тутуму, суу менен толук камсыздоо сыяктуу элементтерин комплекстүү өнүктүрүү. Анткени республиканын региондорунун айыл жерлеринде жолдордун сапаты өтө начар, азык-түлүктөрдү сактоочу жайлардын, кайра иштетүүчү ишканалардын көбү эскирген, суу, газ менен камсыздоо жетишсиз, каналдардын көбү каралбай калган. Мындай жагдайдын келип чыгышы жергиликтүү бийликтин жоопкерчиликтеринин так аныкталбай жаткандыгы жана акча каражаттарынын тартыштыгы менен тыгыз байланышкан;

- азык-түлүк товарларын өндүрүүчүлөрдү базар экономикасы, инновациялык технологиялар, агрардык сектордун алкагындагы жердин кунардуулугун жакшыртуу, өсүмдүктөрдүн түшүмдүүлүгүн жогорулатуу, малдын асылдуулугу менен байланышкан илимий жактан негизделген иш-чаралар жана алгылыктуу тажрыйбалар боюнча маалымат менен жеткиликтүү өлчөмдө камсыз кылып туруу;

- региондордо азык-түлүктү сатуу боюнча иш-аракеттерди талапка ылайык уюштуруу, дүңүнөн сатып алууну, товарларды сатуунун ар кандай түрлөрүн калыптандырууну, ири көлөмдөгү товарларды майдалай бөлүштүрүүнү, кампаларга жайгаштырууну, ташууну, каржылоону, тобокелге салууну, базар жөнүндө эң керектүү, жаңы маалыматтарды берүүнү ж.б.у.с. уюштуруу, жөнгө салуу үчүн дүң базарларды кеңейтүү, жаңыларын салуу. Агрардык багыттагы дүң соода-сатыктын катышуучулары өздөрүнүн жасаган жумуштарын дайыма максаттуу керектөөчүлөрдүн конкреттүү суроо-талаптарына ыңгайлаштыруу боюнча иш-аракеттерди жүргүзүп, чыгымдарды кыскартуу жолдорун жана ыкмаларын издештирип турууусу керек;

- азык-түлүктү дүңүнөн сатуунун тутумун кеңейтүү. Бул үчүн биринчи кезекте товарды өткөрүүнүн каналдарын бир калыпка салуу, дүңүнөн сатуу менен чекене сооданын ортосундагы интеграцияны күчөтүү жана кайра

иштетүү, анын ичинде тамак-аш өнөр-жайынын компаниялары чыгарган товарлардын басымдуу бөлүгүн экспортко чыгарууга жарагандай деңгээлге жеткирүү маселесин жөнгө салуу талап кылынат;

- региондордун башкаруу, көзөмөлдөө жана текшерүү органдары менен айыл-чарбасынын ортосундагы байланышты өнүктүрүү жана координациялоону күчөтүү аркылуу айрым мамлекеттик түзүмдөрдү оптималдаштыруу;

- агрардык сектордун айыл-чарба өндүрүшүндө, кайра иштетүү ишканаларында экологиялык иш-чараларды уюштуруу, инновациялык технологиялардын мыкты үлгүлөрүн кийирүү жана кеңири колдонуу, жаратылыш комплексине, тагыраак айтканда республиканын ар бир регионундагы жер, суу жана биологиялык ресурстарга мамлекеттик деңгээлде көзөмөл жүргүзүүнү күчөтүү;

- агрардык сектордун алкагындагы азык-түлүк базарынын инфраструктура элементтеринин сапатын жакшыртуу, жигердүү иштөөсүн жөнгө салуу максатында инвестицияларды тартуу саясатын жолго салуу. Мындай жол менен базардын түзүмүн өркүндөтүүгө жана анын өнүгүү ылдамдыгын тездетүүгө, айыл-чарба тармактарынын тең салмактуулугун жакшыртууга жана натыйжалуулугун жогорулатууга, кирешенин өсүшүнө жетишүү;

- чакан жана орто фермердик чарбаларды кооперативдик чарбага айландыруу жаатындагы иш-чараларды жөнгө салууну тездетүү, аларды андан ары өнүктүрүү, жер семирткич, үрөн, техника жагынан мамлекеттик колдоо көрсөтүү, насыя алууга ыңгайлуу шарттарды түзүү;

- азык-түлүк базарларындагы мекемелерди толугу менен маалымат менен камсыздоо, болочок өнүгүү багыттарын аныктоо максатында тиешелүү маалыматтарды топтоо, иштетүү, мунун натыйжасында азык-түлүктүн түрлөрү менен камсыздоонун потенциалдык мүмкүнчүлүктөрүн натыйжалуу пайдаланууга жетишүү.

## ТЫЯНАКТАР ЖАНА СУНУШТАР

Кыргызстандын азык-түлүк базарын калыптандыруу жана өнүктүрүү жаатында жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыгында төмөнкүдөй илимий-теориялык жана практикалык тыянактар чыгарылды:

1. Азык-түлүк базары экономикалык калыптанган тутум катары, бир жагынан тигил же бул өлкөнүн, анын региондорунун аймагындагы азык-түлүк товарларын өндүрүүчүлөр менен керектөөчүлөрдүн карым-катнашын туюнтса, экинчи жагынан азык-түлүк базарын камсыз кылуучу түрдүү сырьелорду, кайра иштетүү тармагында товарларды белгилүү адистештирилген аймактарда өндүрүүнүн негизинде суроо-талап менен сунуштун тең салмактуулугун камсыздоочу жана жөнгө салып туруучу процесс катары каралат. Тагыраак айтканда, азык-түлүк базарын белгилүү аймакта айыл-чарба продукциясынын, аны иштетүүдөн алынган товарлардын керектөөчүлөрү менен

өндүрүүчүлөрүнүн өз ара байланышын калыптандырган чиеленишкен, татаал экономикалык тутум катары аныктоого болот.

2. Иште азык-түлүк базарындагы суроо-талап менен сунушту калыптандыруучу продукция түркүмдөрү боюнча типтештирүүнүн жыйынтыгы сунушталды. Мындай классификациянын биринчи баскычында бардык азык-түлүк өсүмдүктөн, малдан жана аралаш продукциядан даярдалуучу түрлөрүнө ажыратылды. Экинчи баскычында дандан, жашылча-жемиштен, сүттөн, эттен, балыктан жана жумурткадан жасалуучу азык түрлөрүнө жиктелди. Үчүнчү, жыйынтыктоочу баскычында жогоруда белгиленген азыктардын курамына кирүүчү түрлөрүнө, айталык сүт азыктарынын уңгусун түзүүчү сүт, каймактан тартып кымыз, эжигейге чейин түрлөрү боюнча бөлүштүрүлүп, жыйынтыгында мындай типтештирүү азык-түлүк базарын өнүктүрүү процессин илимий-теориялык жактан тереңдетип изилдөөгө, кеңири талдоого мүмкүнчүлүк түздү.

3. Экономикасы мыкты өнүккөн чет өлкөлөрдүн азык-түлүк базарын өнүктүрүү багытындагы тажрыйбасы көрсөткөндөй, базар мамилелери мыкты жолго коюлган көпчүлүк өлкөлөрдө дүңүнөн соодалоону өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бөлүнүп, мамлекеттин активдүү колдоосунда илимий изилдөө иштери үзгүлтүксүз жүргүзүү, инновациялык экономика багытында атайын мекемелерди уюштуруу зарылдыгы белгиленди. Мындай керектүү багытты Кыргызстанда убагында колдонууну кеңейтүү, өз кезегинде, товар өткөрүүдө чыгымдардын көлөмүн бир топ кыскартууга жана өндүрүлгөн продукцияны азык-түлүк базарларында арбын сатууга мүмкүнчүлүк түзөт.

4. Калкты азык-түлүк продукциясынын керектүү түрлөрү менен камсыз кылууну ишке ашырууга таасирин тийгизүүчү факторлордун ичинен олуттуу орун өндүрүш факторуна таандык. Тамак-ашты өндүрбөй туруп, аны бөлүштүрүү, алмаштыруу жана керектөө мүмкүн эмес. Ошондуктан, азык-түлүк базарына тиешелүү өндүрүштүк факторлордун экономикалык маанисине, тийгизген таасирине карата өз ара жиктеп, талдоо жүргүзүүнүн негизинде жаратылыш-климаттык, биотехнологиялык, уюштуруу-экономикалык, маалыматтык-технологиялык, агроэкологиялык элементтери аныкталды. Мындай элементтердин азык-түлүк базарынын калыптанышына жана анын иштешине, келечектеги багыттарына тийгизүүчү таасири эң эле түрдүүчө экендиги такталды. Алсак, айрымдарынын тийгизген таасири кыйла туруктуу болсо, айрымдары инновациялык экономиканын жетишкендиктерине карата тигил же бул өлчөмдө өзгөрө тургандыгы бышыкталды.

5. Иште азык-түлүк базарын стратегиялык өнүктүрүүнүн узак мөөнөттүү божомолун иштеп чыгуунун усулдук усулдук негизи сунушталды. Бул төмөнкүдөй жети этаптан турат: *биринчисинде* базарды комплекстүү иликтөө жана баалоо жүргүзүү боюнча баштапкы материалдар чогултулуп, өндүрүш процессинин, сунуштун, суроо-талаптын уңгусу, товар кору, экспорттун, импорттун көлөмү аныкталса; *экинчисинде* чогултулган маалыматтардын негизинде базардын нормативдик, божомолдук көрсөткүчтөрү, баштапкы маалыматтардын талапка ылайык келиши такталат; *үчүнчүсүндө* базарды иштетүүнүн негизги багыттарынын экономикалык өзөктүү көрсөткүчтөрү жана келечектеги өзгөрүүсү, ошондой эле алардын өз ара жиктелиши каралып; *төртүнчүсүндө* азык-түлүк базарынын

божомолун калыптандырууну бир нукка салуу жана анын концепциясын иштеп чыгуу жагы көрсөтүлсө; *бешинчисинде* азык-түлүк базарынын божомолунун негизги экономикалык көрсөткүчтөрү, өнүгүү багыттары бышыкталса; *алтынчысында* базардын узак мөөнөттүү өнүгүү келечегин божомолдоонун туура экендигин комплекстүү баалоо жүргүзүлүп; *жетинчиси* болсо божомолду эксперттен өткөртүп, соңунан практикалык жактан ишке ашыруу үчүн тиешелүү мамлекеттик, региондук деңгээлдеги башкаруу органдарына тапшыруу ишин даярдоо менен аякталат.

6. Өлкөнүн агрардык секторунун учурдагы абалы жана өнүгүү тенденциялары тармактык, аймактык жактан кеңири талданып, андан соң айыл-чарба продукцияларын кайра иштетүү өнөр-жай тармактары кеңири изилдөөгө алынды.

Дыйканчылыктан өндүрүлгөн азык-түлүк продукциясынын бир катар түрлөрүнүн көлөмү арбып жатса, кээ бири тескерисинче азайып кеткен. 2015-жылы 1990-жылга салыштырмалуу эгин 1,13 эсеге, картошка 3,9 эсеге, жашылча 2,2 эсеге, сүт 1,6 эсеге көбөйсө, ушул эле убакыт ичинде пахта 36,7 миң тоннага, тамеки 52,6 миң тоннага, эт 45,8 миң тоннага, жумуртка 280,9 млн. даанага кыскарган. Мал чарбасында да экономикалык көрсөткүчтөр дыйканчылыктагыдай эле бир кылка эместиги аныкталды. 2015-жылы 1991-жылга салыштырмалуу бодо малдын саны 1,4 эсеге, уй - 1,5 эсеге, жылкы - 1,4 эсеге арбыса, топоздун саны - 22,9 миң башка, кой-эчкилер - 3177,4 миң башка, чочко - 307,4 миң башка, канаттуулар 7985 миң башка азайган. Өлкөнүн региондорунда да азык-түлүк түрлөрүн өндүрүүнүн жалпы көлөмү боюнча олуттуу айырмачылыктар орун алган.

Республикада даярдалган сырьену кайра иштетүү жана тамак-аш өнөр-жай тармактары айыл-чарба өндүрүшүнө караганда начар өнүккөндүгү менен айырмаланат. Учурда айыл-чарбасынан өндүрүлгөн бардык сырьенун 5-14% гана кайра иштетүүдөн өткөрүлөт. Бул тармактын үлүшүнө 2011-жылы жалпы өнөр-жай продукциясынын 11,6% туура келсе, 2015-жылы бул көрсөткүч 12,8% түзгөн. Мындан улам акыркы 5 жылда тармактын ишканаларында өндүрүлгөн продукциянын көлөмү болгону 4094,1 млн. сомго көбөйгөн.

Азык-түлүк базарын продукция менен жабдып туруучу кайра иштетүүгө адистешкен өнөр-жай ишканалары республиканын аймактары боюнча бир кылка жайгашкан эмес. Булардын басымдуу бөлүгү Бишкек шаарында, Ош, Ысык-Көл, Чүй экономикалык райондорунда орун алган. Тамак-аш өнөр-жайындагы мындай абалды жакшыртуу, андагы көйгөйлөрдү чечүү үчүн айыл-чарбасында өндүрүлгөн сырьелорду кайра иштетүүчү, учур талабына дал келгидей, жаңы технологиялар менен толук жабдылган, натыйжалуу иштей турган ишканаларды, биринчи кезекте, өсүмдүктөр мол өстүрүлүүчү жана малдын саны арбын региондордо жайгаштыруу зарылдыгы бышыкталды.

7. Азык-түлүк базарын өнүктүрүү процессинде, аны тейлеген инфраструктура элементтери өзгөчө орунду ээлей тургандыгы аныкталды. Инфраструктура элементтери негизинен төмөнкү багыттарды камтыйт: келип түшкөн продукцияларга карата суроо-талап менен сунуштун тең

салмактуулугун камсыздоо, азык-түлүк өндүрүүчүлөрдүн товарларын каалагандай, натыйжалуу сатууга ыңгайлуу мүмкүнчүлүктөрдү түзүү; товар айланымына жумшалуучу каражатты азайтуу, продукцияны тиешелүү сапаттык деңгээлде сактоого шарт түзүү; базардын иштешин керектүү маалыматтык технология, нормативдик-укуктук материалдар менен жабдып туруу, ошондой эле сатык ишин тейлеген агенттерди каржылоо жагын тейлөө ж.б.у.с. Ишти даярдоонун жүрүшүндө базар инфраструктурасын жеткиликтүү өнүктүрбөй туруп продукцияны өндүрүүчү менен аны керектөөчүнүн ортосунда ойдогудай байланышты уюштуруу, натыйжалуу тейлөө мүмкүн эмес экендиги тастыкталды.

Агрардык сектордун алкагында калыптануучу азык-түлүк базарынын функцияларын эске алуу менен инфраструктуранын элементтик курамы теориялык жактан негизделип, анын схемасы сунушталды. Бул түзүмдүк жагынан соода, коомдук тамактануу, ташуу, муздатуу-сактоо, таңгактоо, камдоо, соода- ортомчулук инфраструктурасын камтыса, функциялык жагынан ага маалыматтык, каржылык жана укуктук-ченемдик камсыздоо жагы кире тургандыгы аныкталды.

8. Иликтөө көрсөткөндөй, чекене соода боюнча калыптанган инфраструктуранын өзөгүн түзгөн сооданын көрсөткүчтөрү акыркы жылдарда туруктуу өсүп, товар жүгүртүү көлөмү бир топ жогорулаган. Чекене соодада товардын сатылышы 2010-2015-жылдар ичинде 700,8 млрд. сомду түзгөн жана бул аралыкта 2,3 эсе өскөн. Ошол эле учурда киши башына өндүрүлгөн азык-түлүктүн негизги түрлөрүнүн көрсөткүчү убакыт өткөн сайын өтө жай өсүүдө жана өз ара бир топ айырмачылыктары бар. Алсак, 2010-2015-жылдары киши башына эт, эт азыктары 0,3 кг, ун жана нан азыктары - 0,4 кг, өсүмдүк майы - 0,8 кг, мөмө-жемиштер - 4,0 кг, жашылчалар - 9 кг, картошка - 10 кг, сүт - 17,6 кг, жумуртка 7 даанага өссө, кант 3,0 кг кыскарган.

Көрүнүп тургандай республиканын, анын региондорунун азык-түлүк базарын тейлеген инфраструктура калыптанып, белгилүү өлчөмдө өнүгүп жаткандыгына карабастан, али тиешелүү деңгээлге жете элек. Ошондуктан келечекте инфраструктураны жакшыртууга байланыштуу бир катар төмөнкүдөй көйгөйлөрдү чечүү зарылдыгы белгиленди: азык-түлүк сырьесун өндүрүүчүлөрдүн, аны иштетүүчү ишканалардын, дүң жана чекене соода фирмаларынын ортосунда түз байланышты калыптандыруу аркылуу, азык-түлүк продукциясын сатуучу базарларды инновациялык технологиялар менен жетиштүү өлчөмдө камсыздоо; ташууга жана сактоого жумшалуучу каражаттарды мүмкүн болушунча үнөмдөө максатында логистикалык борборлорду уюштуруу; азык-түлүк түрлөрүн ташууга керектүү таңгактоочу материалдарды жана кутучаларды чыгарууну арбытуу.

Иште ошондой эле базар инфраструктурасынын бардык элементтерин шайкештикте, жеткиликтүү өнүктүрбөй туруп продукция өндүрүүчү менен аны керектөөчүнүн ортосунда ойдогудай, жетиштүү деңгээлде байланышты уюштуруу, натыйжалуу тейлөө мүмкүн эмес экендиги белгиленди.

9. Агрардык сектордун учурдагы өнүгүү тенденцияларын иликтөөнүн натыйжасында республиканын калкын азык-түлүк продукциясынын негизги

түрлөрү менен камсыздоонун экстраполяция жана эксперттик ыкмалардын жардамында үч вариант менен иштелип чыккан узак мөөнөттүү божомолу даярдалды. Эсептөөгө ылайык калкка эң керектүү азык-түлүк продукцияларынын бардык түрлөрүн өндүрүү 2025-жылга чейин үзгүлтүксүз жогорулайт. Ошол эле учурда өндүрүүнүн көлөмү боюнча алар бири-биринен бир топ айырмаланат.

Мындай жагдайды эске алганда агрардык сектор келечекте азык-түлүктүн айрым түрлөрү боюнча калкты керектүү өлчөмдө камсыздай албайт. Ошол эле учурда азык-түлүк базарына түшүүчү продукция түрлөрүнүн көлөмүн бир топ жогорулатууга потенциалдык мүмкүнчүлүктөр арбын. Бул үчүн өсүмдүктөрдүн жаңы түшүмдүү сортторун табуу, малдын асылдуулугун арттыруу, эл аралык деңгээлде калыптанган инновациялык технологияларды билгич менен пайдаланууну уюштуруу жана айыл-чарба сырьелорун жетиштүү өлчөмдө кайра иштетүү, ишканалардын материалдык-техникалык базасын инновациялык негизде модернизациялоо талап кылынат.

10. Агрардык сектордун айыл-чарба өндүрүшүн, кайра иштетүү тармактарын өнүктүрүүнү, азык-түлүк базарын талапка ылайык иштетүүнү келечекте кыйла жакшыртуу үчүн, биздин пикирибиз боюнча, үч топко ажыратылган чаралардын тизмегин ишке ашыруу максатка ылайык. *Биринчи тобу* айыл-чарба продукцияларын өндүрүүчүлөргө жана кайра иштетүү ишканаларда товар чыгаруучуларга кирешесин арбытуу багытында колдоо көрсөтүү иретинде жеңилдетилген шартта тиешелүү өлчөмдөгү насыяларды берүүнү камтыса, *экинчи тобу* базарда калыптанган суроо-талапты жөнгө салууну, тагыраак айтканда калкка социалдык жактан жардам көрсөтүүнүн алкагында тийиштүү программаны даярдоо жана ишке киирүү аркылуу республиканын региондорунун азык-түлүк базарын белгилүү өлчөмдө жөнгө салып турууга мүмкүнчүлүк түзүүнү бир нукка салуу, *үчүнчү тобу* товарды дүңүнөн сатууну кеңейтүү, жол, байланыш, суу, жердин түшүмдүүлүгүн жакшыртуу, өсүмдүктөрдүн түшүмдүүлүгүн жогорулатуу, малдын асылдуулугун арттыруу, камсыздоо, башкаруу, көзөмөлдөө жана текшерүү органдары сыяктуу базар инфраструктурасынын элементтерин илимий, өндүрүштүк, социалдык жана инновациялык жактан жеткиликтүү өнүктүрүүнү жөнгө салууну камтыйт.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫК КӨРГӨН ЭМГЕКТЕРДИН ТИЗМЕСИ

**I. Чет өлкөлүк рецензиялануучу илимий журналдарга жарыяланган макалалар (РИНЦ):**


1. Ташбаев, А.М. Емкость продовольственного рынка и прогнозирование объема основных продуктов для потребления [Текст] / А.М. Ташбаев // Экономика и предпринимательство.-2015. - № 6, часть 3, стр.993-1001.

2. Ташбаев, А.М. О Программе обеспечения продовольственной безопасности и питания в Кыргызской Республике [Текст] / А.М. Ташбаев // Сборник научных работ V Международной научной конференции Евразийского Научного Объединения «Стратегия устойчивого развития мировой науки» (г. Москва, май 2015). — Москва: ЕНО.- 2015, стр.126-130.

3. Tashbaev, A.M. Predicting the market capacity of the main food products / Proceedings of the International scientific and practical conference “Topical researches of the World Science”,Vol. IV.-June-20-21, 2015, Dubai, UAE.- Dubai: Rost Publishing, 2015. p.70-82.

4. Ташбаев, А.М. Концептуальные подходы к стратегии государственной поддержки и регулирования сельского хозяйства Кыргызской Республики [Текст] / А.М. Ташбаев, К.Т. Самиева //Экономика и предпринимательство.-2015.-№10, часть 1.-стр.238-245.

5. Ташбаев, А.М. Эффективное использование земельных ресурсов и развитие аграрного сектора Баткенской области [Текст] / А. М. Ташбаев, Д.А. Осмоналиева, Г.В. Бакирова // Проблемы экономики и менеджмента.-2016. -№1. - стр.96-105.

6. Ташбаев, А.М. Торгово- логистические центры и развитие инфраструктуры агропродовольственного рынка [Текст] / А.М. Ташбаев // Проблемы экономики и менеджмента.- 2016. - №2. - стр. 53-59.

7. Ташбаев, А.М. Анализ и оценка развития пищевой и перерабатывающей промышленности Кыргызской республики [Текст] / А.М. Ташбаев, М.Ж. Абдиев // Экономика сельскохозяйственных и перерабатывающих предприятий.-2016.-№4.-стр.65-69.

8. Ташбаев, А.М. Состояние и перспективы развития агропродовольственного сектора Кыргызской Республики в условиях ЕАЭС [Текст]/А.М. Ташбаев, У.Н. Момунов, А. Батыр уулу // Экономика и предпринимательство.- №3, часть1.- 2016.- стр. 384-389.

9. Ташбаев, А.М. Усиление государственной поддержки и развитие пищевой и перерабатывающей промышленности в Кыргызской Республике [Текст] / А.М. Ташбаев //Экономика и предпринимательство.- 2016 .- №6. - стр.243-249.

10. Ташбаев, А.М. Импортозамещение и сбалансированность внешней торговли агропродовольственной продукцией [Текст] / У.Н. Момунов, А.М. Ташбаев // Проблемы экономики и менеджмента.- №7.-2016.- стр. 59-65.

11. Ташбаев, А.М. Внешняя торговля агропродовольственной продукцией в Кыргызстане в условиях ЕАЭС [Текст] / А.М. Ташбаев, У.Н. Момунов // Экономика и предпринимательство.- 2016. - №7, стр.145-149.

12. Ташбаев, А.М. Совершенствование механизмов государственного регулирования агропродовольственного рынка в условиях ЕАЭС [Текст] / А.М. Ташбаев, У.Н. Момунов // Проблемы экономики и менеджмента.- 2016. - №8. - стр.76-82.

**II. КРнын ЖАК сунуштаган рецензиялануучу илимий журналдарга жарыяланган макалалар (КРдагы РИНЦ):**

13. Ташбаев, А.М. Государственная поддержка аграрных товаропроизводителей [Текст] / А.К. Эсенаманов, А.М. Ташбаев // Вестник КЭУ им. М.Р.Рыскулбекова. - 2014, -№1 (28). - стр.45-47.

14. Ташбаев, А.М. Азык-түлүк продуктыларын өндүрүүнүн абалы [Текст] / А.М. Ташбаев // Известия Вузов.- 2015, - №1. -стр. 108-111.

15. Ташбаев, А.М. Производство продовольственных продукций в крестьянских хозяйствах [Текст] / А.М. Ташбаев, Д.А. Осмоналиева // Наука и новые технологии.- 2015.- №2. - стр. 131-134.

16. Ташбаев, А.М. Азык-түлүк базарын өнүктүрүүгө таасирин тийгизүүчү факторлор [Текст] / К. Атышов, А.М. Ташбаев // М.Р. Рыскулбеков атындагы КЭУнун кабарлары. - 2015. - №2. - 103-106-беттер.

17. Ташбаев, А.М. Азык-тулук базарын онуктуруунун экономикалык мааниси [Текст] / А.М. Ташбаев // М. Р. Рыскулбеков атындагы КЭУнун кабарлары. – 2015.- №3. -73-76 беттер.

18. Ташбаев, А.М. Повышение конкурентоспособности сельскохозяйственного сырья и продовольствия [Текст] / А.М. Ташбаев, С.Т. Умаров // Известия Вузов.- 2015.-№12. - стр. 149-153.

19. Ташбаев, А.М. Евразиялык экономикалык биримдиктин алкагында тышкы соода жана азык-түлүк базарынын өнүгүшү [Текст] / А.М. Ташбаев // М. Р. Рыскулбеков атындагы КЭУнун кабарлары..- 2016. - №3. - 174-178-беттер.

20. Ташбаев, А.М. Чакан жана орто ишкердикти өнүктүрүүнүн эл аралык тажрыйбасы [Текст] / А.М. Ташбаев, А.К. Эргешов// М.Р. Рыскулбеков атындагы КЭУнун кабарлары. -2015. - №1. - 97-100 беттер.

21. Ташбаев, А.М. Структура продовольственного рынка Ошской области [Текст] / А.М. Ташбаев // Вестник ОшГУ.-2015.-№4, стр.260-265.

22. Ташбаев, А.М. Азык түлүк продуктыларын өндүрүүнүн региондук өзгөчөлүктөрү [Текст] / А.М. Ташбаев // Вестник ОшГУ.-2015.- №4, вып.IV. - стр.272-276.

23. Ташбаев, А.М. Мал чарба продукцияларын өндүрүүнүн абалы [Текст] / А.М. Ташбаев // Вестник ОшГУ.- 2016.- №2. - 55-61-беттер.

24. Ташбаев, А.М. Экономикалык өнүгүүдөгү экологиялык маселелер жана экономикалык өсүүгө таасир этүүчү факторлор [Текст] / А.М. Ташбаев, А.Кадыров // Вестник ОшГУ. - 2015. - №4, выпуск IV. - стр.269-272.

**III. Чет өлкөлүк жана Кыргызстанда басылган башка илимий журналдарга жарыяланган макалалар:**

25. Ташбаев, А.М. Сущность и механизмы функционирования продовольственного рынка [Текст] / А.М. Ташбаев // Наука, образование, техника. - 2015. - №2. - стр.138-142. Материалы Международной научной конференции «Актуальные проблемы развития науки, образования и интеграции вузов», 21-22 мая, г. Ош.

26. Ташбаев, А.М. Азык-түлүк базарынын өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү [Текст] / А.М. Ташбаев, Д.А. Осмоналиева // Наука, образование, техника.- 2015.- №4. -стр.125-130.

27. Ташбаев, А.М. Азык түлүк базарында өсүмдүк өстүрүүчүлүк тармактарынын өнүгүү деңгээли [Текст] / А.М. Ташбаев // Наука, образование, техника.-2015.- №4.-стр.117-125.

28. Ташбаев, А.М. Об экономических основах обеспечения продовольственной безопасности [Текст] / А.М.Ташбаев, Э. Обдунов // Вестник Павлодарского Государственного университета.- 2015. - №3. - стр.50-57.

29. Ташбаев, А.М. К теории изучения продовольственной безопасности [Текст] / Э.Обдунов, А.М. Ташбаев//Вестник Павлодарского Госуниверситета.- 2015.-№3.-стр.44-49.

30. Ташбаев, А.М. Линейные тренды для прогнозирования емкости рынка продуктов продовольствия [Текст] / А.М. Ташбаев, Д.А Осмоналиева. // Известия ОшТУ.- 2015.- №1. - стр. 230-236.

31. Ташбаев, А.М. Азык түлүк базарынын өнүгүүсүн божомолдоонун методикалык баскычтары [Текст] / А.М. Ташбаев // Известия ОшТУ. - 2015. - №2. - стр. 208-212.

32. Ташбаев, А.М. Азык түлүк базарын өнүктүрүүнү божомолдоодогу методикалык ыкмалар [Текст] /А.М. Ташбаев, К.Т. Самиева // Известия ОшТУ.- 2015.- №2.- стр.212-218.

**Ташбаев Азизбек Мазановичтин "Азык-түлүк базарын өнүктүрүүнүн көйгөйлөрү: теориялык, методологиялык жана практикалык аспектилери (Кыргыз Республикасынын мисалында)" темасындагы 08.00.05 - экономика жана эл чарбасын башкаруу адистиги боюнча экономика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдаган диссертациясынын**


## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** азык-түлүк базары, азык-түлүк продуктылары, азык-түлүк базарынын инфраструктурасы, агрардык сектор, айыл чарбасы, азык-түлүк коопсуздугу, айыл-чарба продуктыларын кайра иштетүү, тармактык жана региондук жайгашуу,

**Изилдөөнүн объектиси жана предмети** болуп азык-түлүк базарынын абалы жана өлкөнү азык-түлүк товарлары менен камсыз кылуу процесси эсептелет.

**Изилдөөнүн максаты** болуп өлкөнүн, анын региондорунун азык-түлүк базарын өнүктүрүүнү, жөнгө салууну жана келечектүү багыттарын экономикалык нукта негиздеп, иштеп чыгуу боюнча теориялык, методологиялык жана практикалык жактан сунуштарды даярдоо эсептелет.

**Изилдөө ыкмалары**: экономикалык-статистикалык, экономикалык-математикалык, системалык жана кырдаалдык анализ, салыштыруу-аналитикалык, прогноздоо ыкмалары колдонулду.

**Алынган натыйжалар:** азык-түлүк базарынын экономикалык маанисин, анын өзгүнүн теориялык-методологиялык негизи тереңдетилип, кеңейтилип иликтенди; азык-түлүк базарын натыйжалуу иштетүүгө, андан ары өнүктүрүүгө таасирин тийгизүүчү факторлордун тутуму аныкталып, экономикасы мыкты өнүккөн өлкөлөрдөгү базар боюнча калыптанган тажрыйбаларга комплекстүү иликтөө жүргүзүлүп, алгылыктуу жактарын республикада колдонуу жагы көрсөтүлдү; республиканын айыл-чарбасынын, анын ичинде азык-түлүк базарынын калыптануу өзгөчөлүктөрү, өнүгүү тенденциялары, тармактык жана региондук байланыштын учурдагы абалы анализделип, импорттолуучу продукциялардын жергиликтүү товарлар менен атаандаштыгынын күчөп жаткандыгын айкындоочу иликтөө жүргүзүлдү; республиканын тамак-аш жана кайра иштетүү өнөр-жайынын тармактык жана региондук жайгашуу, адистешүү өзгөчөлүктөрү, өнүгүү деңгээли, ишканаларды айыл-чарба сырьелору менен камсыз кылуунун айрым жолдору сунушталды; азык-түлүк базар инфраструктурасынын башкы элементтеринин калыптануусунун, өнүктүрүүнүн тармактык жана региондук жайгашуу өзгөчөлүгүнүн теориялык-методологиялык негиздери талданып, ал өз алдынча тармак катары түптөлгөндүгү аныкталды; жалпы өлкөнүн жана анын ар бир региондору боюнча азык-түлүк товарларынын негизги түрлөрүн өндүрүүнүн жана керектөөнүн жалпы көлөмүнүн узак мөөнөттүү божомолу жасалды; республикада азык-түлүк базарынын, анын инфраструктурасынын элементтеринин эриш-аркак бир нукта иштешин жана андан ары өнүктүрүүнү жөнгө салуунун уюштуруу-экономикалык механизми сунушталды.

**Пайдалануу боюнча сунуштар:** Иликтөөнүн жыйынтыгын азык-түлүк базарын өнүктүрүүнүн башкы багыттарын экономикалык жактан аныктоодо, стратегиялык маанидеги иштиктүү долбоорлорду даярдоодо, ошондой эле базарды продукция түрлөрү менен камсыз кылуу багытындагы практикалык жана аналитикалык изилдөө иштеринде пайдаланууга болот.

**Колдонуу тармагы:** "Агроөнөр жай комплексиндеги менеджмент жана маркетинг", "Өсүмдүк өстүрүүчүлүк жана мал чарбачылык продукцияларын өндүрүү", "Азык-түлүк жана тамак-аш продукцияларынын товар жүргүзүүсү" ж.б. предметтерди окутууда, лекциялык, практикалык сабактарды өткөрүүдө, курстук иштерди, курстук жана дипломдук долбоорлорду даярдоодо колдонулушу мүмкүн.

# Р Е З Ю М Е

**Диссертации Ташбаева Азизбека Мазановича на тему: “Проблемы развития продовольственного рынка: теоретические, методологические и практические аспекты (на примере Кыргызской Республики)” на соискание учёной степени доктора экономических наук по специальности 08.00.05 - экономика и управление народным хозяйством**

**Ключевые слова:** продовольственный рынок, продовольственные товары, инфраструктура продовольственного рынка, аграрный сектор, сельское хозяйство, продовольственная безопасность, пищевая и перерабатывающая промышленность, региональное и отраслевое размешение.

**Обьект и предмет исследования:** состояние продовольственного рынка республики и процесс обеспечения населения страны продовольственными продуктами.

**Цель исследования:** разработка теоретических, методологических и практических рекомендаций по регулированию и определению перспективных направлений развития агропродовольственного рынка страны и его регионов.

**Методы исследования:** применены экономико-статистические, экономико-математические, аналитико-сопоставительные методы, системный и ситуационный анализ и методы прогнозирования.

**Полученные результаты:** проведено углубленное и расширенное исследование теоретико–методологических основ экономической сущности продовольственного рынка; определены факторы, влияющие на эффективность и дальнейшее развитие продовольственного рынка, сделан комплексный анализ имеющегося опыта продовольственных рынков экономически развитых стран, предложены способы применения положительных сторон в республике; проанализировано современное состояние сельского хозяйства, в т.ч. особенности становления и тенденции развития продовольственного рынка республики, отраслевых и региональных связей, выявлено усиление конкуренции импортной продукции с товарами отечественного производства; исследовано состояние и уровень развития предприятий пищевой и перерабатывающей промышленности республики, особенности отраслевых и региональных размещений, специализации и предложены некоторые пути обеспечения предприятий переработки продовольственным сырьем; анализированы теоретико-методологические основы становления и развития основных элементов инфраструктуры продовольственного рынка, установлено, что инфраструктура продовольственного рынка сформировалась как самостоятельная отрасль; сделан долгосрочный прогноз производства и потребления основных видов продовольственных товаров в общем обьеме в целом по республике и в каждом регионе; предложены организационно-экономические механизмы регулирования дальнейшего развития и взаимного функционирования продовольственного рынка, инфраструктуры и его элементов.

**Рекомендации по использованию:** результаты исследования могут быть использованы в определении основных направлений, при подготовке стратегических проектов по развитию продовольственного рынка, а также при практических и аналитических исследованиях по обеспечению рынка продовольственными товарами.

**Область применения:** могут быть применены при обучении студентов и проведении лекционных и практических занятий, при подготовке курсовых работ, курсовых и дипломных проектов по предметам “Менеджмент и маркетинг в АПК”, “Производство продукции растениеводства и животноводства”, “Товароведение пищевых и продовольственных товаров”.

# R E Z U M E

**Tashbaev Azizbek Mazanovich's dissertation**
**on the theme "Problems of development of the food market: theoretical, methodological and practical aspects" (on the example of the Kyrgyz Republic) for pursuing the degree of the Doctor of Economic Sciences, in 08.00.05- economy and management of a national economy**

**Key words:** *food market, foodstuff, infrastructure of the food market, agrarian sector, agricultural industry, food security, food and processing industry, regional and branch of industry placement.*

**The research object** is the condition of the food market of the republic and the process of providing the population of the country with food products.

**The aim of this thesis** is working out of theoretical, methodological and practical recommendations in regulation and determination of the perspective directions of development of the agrofood market of the country and its regions.

**The methods of the research** are economical and statistical, economic-mathematical, analytical and comparative methods, systems and situations analysis and scientific prognostication.

**The results of the thesis:**

expanded and in-depth study of theoretical and methodological bases of economic essence of the food market is carried out;

the factors that influencing on efficiency and further developments of food market are determined;

the complex analysis of available experience of the food markets of economically developed counties is made; the ways of positive sides of them in the republic are offered;

the current state of agricultural industry is analyzed, including feature of formation and a tendency of development of the food market of the republic, branches of industry and regional communications, strengthening the competition of import products to home-produced goods are revealed;

the condition and the level of development of the entities of food and processing industry of the republic, peculiarity of industry and regional placements, specializations are researched and some ways of providing the enterprises of conversion with food materials are offered;

the theoretical and methodological bases of formation and development of basic elements of infrastructure of the food market are analyzed; established that infrastructure of the food market was formed as an independent branch of industry;

the differences of main economic indices of infrastructural elements are shown; the long-term forecast of production and the use of main types of foodstuff in a total volume whole in the republic and in each region is made;

the organizational and economic mechanisms of regulation of further development and mutual functioning of the food market, infrastructure and its elements are offered.

**Degree of application:** the results of the thesis can be applied in determination of the main directions, by preparation of strategic projects on development of the food market, and also in case of practical and analytical researches on providing the market with foodstuff.

**Areas of application:** the main results can be used lectures and practical classes, in preparing the course and diploma (research) papers and projects in “Management and marketing in Agrarian and Industrial Complex ”, “Production of products of Plant growing and Animal husbandry”, "Merchandizing Food and Foodstuff" etc.

Форматы 60х84. 1/16
Офсет кагазы,  Нускасы 100 даана. Көлөмү 2,75 б.т.
М.Рыскулбеков атындагы КЭУнун басмаканасында басылды.